**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ТАРБИЯ ИШТЕРИНИН ПРОГРАММАСЫ

## 1-11-класс

**Түзүүчүлөр:**
Жумабаева Г.А.,
Алымбаева Б.Б.,
Акматов К.К.

Бишкек - 2020

**КББАнын 2020-жылдын 29-сентябрындагы Окумуштуулар кеңешинин № 6 жыйынында бекитилген**

**Түзүүчүлөр:**

**Жумабаева Гулайым Абдысаматовна** – педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнын ага илимий кызматкери;

**Алымбаева Бермет Бекешовна** – КББАнын ага илимий кызматкери;

**Акматов Кыялбек Камутович** – педагогика илимдеринин доктору, доцент.

Программа 1-11-класс тарбия иштери боюнча директордун орун басарларына, уюштуруучуларга, класс жетекчилерге арналат.

**МАЗМУНУ**


| | |
|---|---|
| Киришүү | 4 |
| Класстан тышкаркы иштердеги тарбиянын формалары жана методдору | 13 |
| Класстан тышкаркы иштердеги тарбиянын методдору | 14 |
| Класстык тарбиялык сааттардын болжолдуу тематикалары. 1-вариант | 15 |
| Класстык тарбиялык сааттардын болжолдуу тематикалары. 2-вариант | 26 |
| Окуучуларды интелектуалдык жактан өнүктүрүүгө карата аңгемелердин (иш-чаралардын) болжолдуу тематикалары | 41 |
| Экскурсиянын болжолдуу тематикалары | 42 |
| Өз алдынча изденүүгө карата болжолдуу тематикалар | 43 |
| Викторинанын болжолдуу тематикалары | 44 |
| Коомдук пайдалуу эмгектин түрлөрү | 44 |
| Саясый жаңылыктар менен тааныштыруунун болжолдуу тематикалары | 45 |
| Тарбия завучунун аткаруучу иш-чаралары (жыл ичинде) | 46 |
| Китепканачы өткөрүүчү сабактардын болжолдуу тематикалары | 55 |
| Талкуулардын, тегерек столдордун болжолдуу тематикалары | 56 |
| Окуучулар менен талкуу уюштурууга карата суроолор | 58 |
| Ата-энелердин сабаттуулугун жогорулатууну мазмуну | 59 |
| Ата-энелерге окулуучу лекциялардын (конференциядардын) болжолдуу тематикалары | 80 |
| Ата-энелер менен чогулуш өтүүнүн болжолдуу тематикалары | 82 |
| Методикалык бирикмелерде каралуучу маселелердин болжолдуу тематикалары | 85 |
| Пайдалануу үчүн сунушталган адабияттардын тизмеси | 87 |

# КИРИШҮҮ

XXI кылымдын башында педагогикалык теорияга жана практикага көптөгөн өзгөрүүлөр кирди. Коомдо саясий-экономикалык реформа жүрүп жатат, элдин социалдык абалы өзгөрдү. Мурдагы социалисттик идеологияга негизделген тарбия, тоталитардык башкаруу системасы актуалдуулугун жоготту. КМШ курамына кирген өлкөлөр окутуунун жана тарбиялоонун жаңы формаларын, жаңыча мамилени, жаңы мазмунду, жаңы технологияны түзүүнүн жолдорун издеп жатышат. Компетенттүүлүк парадигмасына негизделген тарбиялык сааттардын жаңы мазмуну түзүлүүдө. Азыр педагогика динамикалуу илимдердин бири болууда. Коомдо гумандаштыруу, гуманитарлаштыруу, демократиялаштыруу процесси жүрүп жатат.

Окуучулардын арасында кылмыштуулук өсүүдө. Физикалык, психикалык, сексуалдык зордук-зомбулукка кабылган балдар арбыды. Мектептерде балдарды тарбиялоо жыл сайын оор болуп баратат. Миграциялап жүргөн ата-энелер көбөйгөндүктөн, кароосуз калган балдардын саны өстү. Рухий жактан чабал, психикалык жана физикалык жактан сыркоо окуучулардын саны. Дүйнө жүзүндө глобалдуу маселелер көбөйүп, адептик-рухий кризистин масштабы кеңейди. Акыркы жылдарда билим берүү системасы мурда бир нече он жылдыкта болуп көрбөгөндөй өзгөрүүгө дуушар болду. Советтик доордон азыркы мезгилге чейинки концептуалдык, ченемдик документтерде баланын дилинин, рухунун, напсисинин табияты жеткиликтүү изилденбей, мектептеги тарбиялык иштердин ролу формалдуу айтылып, бирок билим берүүчү уюмдарда ал практикалык жактан толук кандуу ишке ашпай келатат.

Мындай шартта тарбиялык иштерди мезгилдин талабына ылайык уюштуруу, окуучуларды туура ой жүгүртүүгө үйрөтүү, алардын келечектеги багытын, статусун аныкташына,

турмуштан ордун табышына жардам берүү керек. Мамлекеттин эртеңки кубаттуулугу мугалимдин бүгүнкү эмгегинен, өспүрүмдөрдүн эмгекке, адептүүлүккө, ыймандуулукка ж.б. тарбиялангандыгынан көз каранды, о.э. интеллектуалдык дараметинин жогорулугу, дүйнө таанымынын (кругозорунун) кенендиги, чыгармачыл, масштабдуу, стратегиялык ой жүгүртүүгө жөндөмдүүлүгү, өз көйгөйлөрүн ж.б. маселелерди чечүүгө үйрөтүлгөндүгү, тартиптүүлүгү маанилүү.

Өспүрүмдөрдүн аң-сезиминин өсүшүнүн (өспөй калышынын) деңгээли, адептик-рухий, психикалык абалы класстык жана класстан тышкаркы иштердин мазмунунун, технологиялардын оптималдуу тандалышынан, тарбиялык иштерди системалуу (стихиялуу) уюштуруудан, педагогдун компетенттүүлүгүнөн көз каранды. Коомдун стабилдүүлүгү, өсүшү же криминалдык дүйнөнүн гүлдөп, коомдун регресс жолуна түшүшү мектептин тарбиялык иштерге көңүл бөлүшүнө же жеткиликтүү көңүл бөлбөй калышы менен түздөн-түз байланыштуу.

Мурда колдонулуп келген методикалык колдонмолор бүгүнкү күндүн талабына жооп бербей, эскирип калды. Жогоруда көрсөтүлгөн өзгөрүүлөргө карата мугалимдер жардамга муктаж. Программа “Кыргыз Республикасында 2021-2030-жылдарга карата мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясынын” негизинде түзүлдү, актуалдуулугу ушулар менен түшүндүрүлөт.

**Программанын курак өзгөчөлүгүнө ылайык түзүлүшү**:

1. Таалим-тарбия алууга үйрөтүү (1-4-класс)
2. Инсанды өнүктүрүү (5-8-класс);
3. Өзүн өзү өнүктүрүү, өзүн жөнгө салуу (9-11-класс).

**Программа төмөнкү бөлүктөрдөн турат**:

1. Адептүү адам болуунун жол-жобосу. Өзүн өзү тарбиялоо. Жашоонун сергек, коопсуз мүнөзү;

2. Жан дүйнө тарбиясы. Көөнөрбөс рухий баалуулуктар. Маданияттуулук, чыгармачылык, эстетика, көркөмдүүктү сезүү. Ыймандуулук;

3. Адамдарга жана үй-бүлөгө туура мамиле. Толеранттуулук;

4. Өскөн жерди, Ата Мекенди сүйүү. Патриотизм. Улуттардын ынтымагы;

5. Табигат менен таттуу мамиле. Жарандык аң-сезимди калыптандыруу жана укуктук тарбия.

Программанын ***максаттары*** төмөнкүлөр:

- окуучуга жашоодо керек болгон коомдук-социалдык тажрыйбаларды өздүк тажрыйбага айландыруу;
- окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашын, туура ынанымын калыптандыруу;
- адабий, илимий булактар менен өз алдынча иштөөгө үйрөтүү;
- окуучуларды коллективизмге тарбиялоо, жеке ишти жамааттык иш менен айкалыштырууга үйрөтүү;
- мектепте тарбиялык иштерге бирдиктүү талап коюу, системалуулукту камсыз кылуу, ар бир окуучуга педагогикалык көмөк көрсөтүү, окуучулардын адептик-рухий сапаттарын калыптандыруу, алардын физикалык, психикалык, рухий соолугуна камкордук көрүү. Республикада ар кандай коомдор, секталар бар шартта туура багыт берүү, аң-сезимдүү чечим чыгарып, өз маселесин өз алдынча чечүүгө, турмуштук туура позицияга ээ болууга үйрөтүү, азыркы социомаданий шартка ыңгайлашууга жөндөмдүү ыймандуу инсан (личность) калыптандыруу.

**Милдеттери**:

- башталгыч класста эске тутуму, кеби, кунт коюусу начар, инфантилдүү ж.б. балдар менен иштөө менен мектептеги көйгөйлөрдү азайтуу;

- улуттук, адамзаттык баалуулуктарды үйрөнүүгө, өзү курчаган дүйнөгө (адамга, коомго, табигатка) адамгерчиликтүү мамиле кылууга камкордук көрүү;

- баланын инсандык сапатын өнүктүрүү, негизги критерийи адамгерчилик болгон тарбиянын гуманисттик системасын түзүү;

- жарандык, атуулдук, адептик аң-сезимдин калыптанышына, Ата Мекендин тагдырына жоопкерчиликке, активдүү турмуштук позицияга ээ болууга, жашоонун сергек мүнөзүнө үйрөнүүгө шарт түзүү;

- окуучулардын өзүн өзү башкаруу уюмунун ишине, чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүүгө, окуучуларды турмуштун ар кандай шартына ийкемдешүүгө, социализацияга (турмуштан ордун табууга) шарт түзүү;

- окуучуларга нормалдуу психологиялык климат камсыз кылуу;

- ар бир окуучунун жогорку максатка татыктуу экендигин ынандыруу;

- жашоонун оң, терс жолдору (ыйман, напси) жөнүндө кенен түшүнүк берүү;

- окуучулардын ички экологиясына көңүл бөлүү;

- интеллектуалдык, эмоционалдык, физикалык оптималдуу жүктөмдү, режимди тандоо, окуучулардын кыйынчылыгына жана ийгилигине жараша ийкемдүү иш-аракетти уюштуруу;

- өзүн тааныган, өстүргөн, ыймандуу, маданияттуу бүтүрүүчүлөрдүн чыгышына шарт түзүү.

**Принциптери:**

а) гуманисттик тарбиянын принциптери:

- балдар менен чоңдордун шериктештиги, кызматташуу, биримдик, бири-бирин сыйлоо, өз ара ишеним;

б) инсанга багытталган тарбиянын принциптери:

- баланы инсан катары сыйлоо, ал жогорку социалдык баалуулук экендигин таануу, аны кайталангыс индивид катары кабыл алуу, аны өзгөртүүгө умтулбоо, анын инсандык

сапатын өнүктүрүүгө таасир этүү (өнүктүрүүчү билимдерди сунуштоо);

в) табигатка ылайыкташуу принциби:

- окуучуларды табигый, социомаданий өз ара байланыштын негизинде тарбиялоо, алардын куражтык, жыныстык, психикалык, физиологиялык өзгөчөлүгүн эске алуу, баланын табигаты менен күрөшпөй, андагы табигый көрөңгүнү (шыгын, жөндөмүн, зээндүүлүгүн) өнүктүрүү;

г) ишмердүүлүк мамиле кылуу принциби:

- баланы дидактикалык оюндар, эмгек, чыгармачылык, бош убактагы иш-аракет аркылуу өнүктүрүү;

д) бирдиктүү мамиле кылуу принциби:

- билим берүү менен тарбия, биринин таасири экинчисине тийип туруучу өз ара аракеттешүүчү компоненттер сыяктуу мамиле түзүү;

е) ийгиликтүүлүк принциби:

- жалаң эле мектептеги климатка таянып чектелбей, баланын өзүнүн оптимизмге карай өзгөрүүсүн, башка чөйрөдөгү ийгилигин, аракетин эске алуу, баланын ийгилигин убагында байкоо, анын потенциалын, жаңы мүмкүнчүлүгүн ачууга жардам берүү;

ж) комплекстүү мамиле кылуу принциби:

- баланын сапаттарынын (биринин артынан экинчисин өнүктүрүүнүн ордуна) ар тараптуу комплекстүү өнүктүрүү;

з) тарбияны айырмалоо принциби:

- окуучулардын улутун, этносун, конфессиясын эске алуу, алардын уникалдуулугу, кайталанбастыгы менен эсептешүү, тарыхый жана маданий шартка ылайык тарбиялык мазмун, форма тандоо;

и) тарбияны интеграциялоо принциби: элдик педагогиканы классикалык педагогика, психология, философия, дин менен айкалыштыруу.

**Программаны жүзөгө ашыруунун шарттары**:

1. Иш-аракеттин тактикасын (жакынкы максатка жетүү үчүн колдонулуучу мазмунду, усулдарды) жана стратегиясын

(алыскы максатка жетүү үчүн колдонулуучу мазмунду, усулдарды) аныкталышы.

2. Тарбиялык процессти уюштурууга кадрлардын камсыз болушу.

3. Тарбия завучунун жана класс жетекчинин кесиптик чеберчилигинин жана педагогикалык чыгармачылыгынын өсүшү.

4. Тарбиялык процессти анализдөө, диагноздоо, баалоо аракетинин болушу.

5. Материалдык-техникалык жана методикалык жактан камсыздалышы.

6. Тарбиялык иштердин мазмунун, формасын, методдорун өркүндөтүп туруу, эң жакшы натыйжага жетүү жолдорун издөө (оптимизациялоо) менен, тарбиялык иштердин абалын көзөмөлдөлүшү.

7. Окуучулардын өзүн өзү башкаруу органын, ата-энелер комитетин, социумду (жергиликтүү органдарды, мекемелерди, уюмдарды ж.б.) тарбия иштерин пландаштырууда, уюштурууда ишке кызыктыруу.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Тарбия иштери талаптагыдай уюшулса, окуучулардын жарандык, атуулдук (патриоттук), адептик, укуктук аң-сезими калыптанат, өзүнүн Ата Мекенин сүйгөн, жоопкерчиликтүү атуул тарбиялоого жөндөмдүү тарбиялык система (буйруса) түзүлөт, кылмыштуулук, учетто турган өспүрүмдөрдүн саны азаят, жаман адаттардан арылууга жардам берилет.

2. Ар бир окуучу турмуштан өз ордун табат, чыгармачыл жөндөмү өнүгөт, мектептердин ийримдеринде, спорттук секцияларда катышкан балдардын саны көбөйөт.

3. Мамлекеттин, адамзаттын тарыхын, табигатты таанууга, аны коргоого, элдин жашоосун жакшыртууга окуучулардын кызыгуусу артат.

4. Кошумча билим алууга, өз кызыгуусун канааттандырууга мүмкүндүк алат.

5. Баланы өнүктүрүү боюнча мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтык байланышы бекемдейт. Ата-энелерди педагогикалык-психологиялык жактан агартуу иштери системага салынат. Үй-бүлөнү сактап калуунун ролу кенен түшүндүрүлөт.

6. Мамлекеттин, коомдун, мекемелердин, (саясый, партиялык) уюмдардын тарбия иштерине кызыккандар үчүн бирдиктүү система түзүлөт.

7. Тарбия завучтардын, класс жетекчилердин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү боюнча система түзүлөт.

8. Педагогика илиминин азыркы жетишкендиктери, инновациялык технологиялары жана тарбиялык ишти сынак жүргүзүүгө, аны практикага киргизүүгө мүмкүндүк пайда болот.

9. Окуучуларга материалдык баалуулук менен бирге рухий, ыймандык баалуулуктарга бирдей мамиле кылууга карата багыт берилет.

10. Окуучулардын физикалык, рухий, дилинин (психикалык) соолугуна карата камкордук көрүлөт, өзү билим алууга, өз жөндөмүн өзү өнүктүрүүгө, өз маселесин өзү чечүүгө, өзүнүн келечек жолун аныктоого үйрөтүлөт.

**Тарбия ишинин түпкү натыйжасы:**

Стандарттуу эмес шартта, турмуштук кыйын абалдан жол таап кетүүгө жөндөмдүү, туура ой жүгүрткөн, өзүнө керектүү маалыматты табууга жөндөмдүү, эмгектик көндүмдөрү калыптанган, чыгармачыл жөндөмү, интеллекти, интуициясы өнүккөн, керек болгондо ишти өзгөртүүгө жөндөмдүү, жашоонун маңызын, биримдиктин наркын түшүнгөн, рухий өнүгүүнүн жол-жобосун билүүгө умтулган, тынчтыкты сүйүүчү, адамгерчиликтүү, чөйрө менен тынчтыкта жанаша жашаганды билген, ырайымдуу, кайрымдуу, чарбачылык кылуу көндүмдөрүнө ээ болгон, үнөмчүл, эпчил, тыкан, бышык, элдик каада- салтты билген, жашоонун сергек, коопсуз мүнөзүн тандаган, жашоонун ар кандай жагдайында абийирин сактаган, эч кимден, эч нерседен

көз каранды эмес, өз мүдөөсүн өзү жүзөгө ашырган, коомдогу ордун билген, Ата Мекенин сүйгөн, ыймандуу бүтүрүүчүлөр тарбияланат.

**Окуучулар төмөнкү билимге, билгичтикке ээ болушу керек:**

- өлкөнүн тарыхын, кыргыз элинин каада-салтын, укумдан тукумга келе жаткан тартибин билүү;
- адамдын коомдогу функциясына, кесиптик кызматына жараша милдеттерин билүү;
- адамдын иш-аракетинин түрлөрүн, тиричилик кылуу маданиятын билүү;
- физикалык жана акыл эмгегин айкалыштыра билүү;
- адамдын (эркектин, аялзатынын) турмуштагы, үй-бүлөдөгү ордун билүү;
- адамдын ички жана сырткы сулуулугу, ички жана сырткы маданияты, кеп маданияты жөнүндө түшүнүккө ээ болуу;
- маданияттуу жашоо нормасын билип, материалдык жана рухий баалуулуктарга тең салмактуу мамиле кылуу;
- үн алгы менен сын алгынын, интернеттин, ЖМКнын (жалпы маалымат каражаттарынын) ролун билип, бирок негативдүү маалыматтарга (парнография, маалымат согушу, бүлдүрүүчү программаларга ж.б.) иммунитеттүү (ээрчибей) мамиле түзүү;
- эркек менен аялдын идеал-образын билүү;
- үй-бүлөлүк гармониялуу мамиле түзүүнүн маданиятын билүү.

**Көндүмдөр:**

- өзүнүн жөндөмүнө ылайык иштин түрүн тандоо;
- өзүнүн жөндөмүн, шыгын, кызыкчылыгын аныктап, өзү кесип тандоо;
- турмуштук окуяны, жагдайды түшүнүү, ага туура мамиле кылуу;
- күнүмдүк жашоодо өзүн башкалардан маданияттуу (этикалык норманын чегинде) коргоо;

- маалыматты маданияттуу билдирүү, дүйнөнүн жалпы илимий, конфессиялык картинасын элестетүү, айлана чөйрөгө назар салуу;

- керектөөлөрүн нормадан ашырбоо, акыл-эстүүлүк, өлчөмүн билүү;

- саясый, турмуштук ж.б. жагдайга карата туура позицияга ээ болуу;

- адамдын мүнөзүнө жараша мамиле кылуу, өткөндөрдү, улуу муундагыларды, ата-энесин ж.б. сыйлоо;

- өз элинин адебин, рухий казынасын, тарыхын, тилин, динин сыйлоо, ага сыймыктануу;

- Ата Мекенди, элин, жерин сүйүү, Ата Мекенге, өлкөгө пайдалуу иш жасоо.

**Аракеттин түрлөрү:**

- мектептик, үй-бүлөлүк тиричиликке катышуу, эмеректерди оңдоо, гүл өстүрүү, коомдук пайдалуу эмгек;

- бак тигүүгө, жашылча-жемиш ж.б. өстүрүүгө жардамдашуу;

- мал багууга, балык чарбачылыгына ж.б. жардамдашуу;

- предметтик, көркөм өнөргө үйрөтүүчү ийримдерге, спорттук секцияларга катышуу;

- өлкөдө жана чет өлкөдө өткөн окуяларга байланыштуу талкууларга катышуу;

- кызыккан предмет боюнча өз билимин тереңдетүү;

- эмгектин, спорттун, өнөрдүн ар кандай түрү менен таанышуу;

- класстан (мектептен) тышкаркы иштерге катышуу.

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИН ФОРМАЛАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

Тарбия иштерин уюштуруунун көпчүлүк бөлүгү класстан тышкаркы иштер аркылуу жүзөгө ашырылат. Класстан тышкаркы иштер деп инсанга социалдык тажрыйбаны кабыл алууга зарыл шарт түзүүнү камсыз кылуу үчүн педагогдун окуу убактысынан тышкары ар кандай иш- чараларды уюштуруусун айтабыз, б.а. класстан тышкаркы иштер деп окуу-тарбия процессинде окуучуларга таасирдүү болгон ар кандай (илимий, маданий, эмгектик ж.б.) иш-аракеттердин жыйындысын аташат. Класстан тышкаркы иштери жакшы жолго коюлган мектептерде педагогикалык жактан кароосуз калган, асоциалдык жүрүм-турумдагы, тарбияланышы кыйын, девианттуу (адептик нормадан четтеген), деликвенттүү (укуктук нормадан четтеген) балдар сейрек кездешет. Ошондой эле мындай мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн коомдон өз ордун табуу мүмкүнчүлүктөрү жогору болот.

**Класстан тышкаркы иштердин массалык формалары**: жумалык, он күндүк (декада), айлык (месячник), турнир (илимий, спорттук ж.б.), конкурс, кароо, оюндар (спорттук, интеллектуалдык, көркөм) окуучулардын иштеринин көргөзмөсү, конференция, дубал газета чыгаруу, жергиликтүү радио түйүнү, (адабий, илимий, маданий) кечелер, улуу инсандар (акын-жазуучулар, окумуштуулар, сүрөтчүлөр, спортсмендер, эмгектин каармандары), аалымдар менен жолугушуу ж.б.

**Класстан тышкаркы иштердин жеке формалары:** адабий, илимий окуу, жаңылыктар менен таанышуу, изилдөө ишин жүргүзүү, экономикалык, экологиялык ж.б. долбоорлорду түзүү, өз алдынча чыгармачылыгын өнүктүрүү (ыр, тамсил, доклад, реферат ж.б. жазуу, сүрөт тартуу, кол өнөрчүлүк ж.б.). Класстан тышкаркы иштердин убакыт тартиби боюнча регламент түзүлүп өткөрүлүүчү формалары: ийримдер, факультатив, курс, секциялар ж.б. Ийримдердин,

курстардын, факультативдердин ж.б. жыйынтыктоочу отчеттук (ачык) иш-чаралардын формалары:

Ачык сабактар (конференция, талкуу, тегерек стол, сот процесси ж.б.);

Викторина, конкурс, турнир, эстафета ж.б.;

Эмне, качан, кайда? (оюн);

ШТК (КВН);

Ийримде жасалган иштердин көргөзмөсү (модель, макет, буклет, көргөзмө куралдар, кол өнөрчүлүк, зергерчилик ж.б.).

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДЕГИ ТАРБИЯНЫН МЕТОДДОРУ

| **Натыйжалуу технология** | **Кызматташуу технологиясы** | **Ырайым кылуу технологиясы** |
|---|---|---|
| НЕГИЗГИ | НЕГИЗГИ | НЕГИЗГИ |
| Түшүндүрүү | Маектешүү | Аңгеме |
| Көрсөтмө берүү | Талкуу, көзөмөлдөө | Талкуу |
| Китеп менен иштөө | Сунуштоо | Пикир алышуу |
| Демонстрация | Таанып билүүчү оюндар | Дидактикалык оюндар |
| Салттуу усулдар | Программаланган окутуу методу | Салттуу усулдар |
| Педагогикалык көмөк көрсөтүү | Проблеманы чечүүгө үйрөтүү | Педагогикалык көмөк көрсөтүү |
| Лекция | Практикалык метод | Жагымдуу жагдай түзүү методу |
| Көрсөтүү | Салттуу усулдар | Салттуу эмес усулдар |
| Көрсөтмөлүүлүк | Педагогикалык көмөк көрсөтүү | Үйрөтүү |
| Видео, аудио техника | Көрсөтмөлүүлүк | Байкоо жүргүзүү |

| | | |
|---|---|---|
| Колдонууга үйрөтүү | Демонстрация | Багыт берүү |
| Тест алуу | Китеп менен иштөө | Видио, аудио техника |

Класстык тарбиялык сааттар жумасына бир жолу өтүлөт. Класс жетекчи төмөндө көрсөтүлгөн тематика боюнча класстык тарбиялык саат өткөрүүгө милдеттүү. Калган убактарда класс активи, окуучулардын өзүн өзү башкаруу комитети, ата-энелер, китепканачы ж.б. менен бирдикте тарбиялык сааттар өтүлөт.

## КЛАССТЫК ТАРБИЯЛЫК СААТТАРДЫН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

**1-ВАРИАНТ**

### 1-класс

1. Саламдашуу адеби. «Жакшы» деген эмне жана «жаман» деген эмне? Сылыктык жана одонолук. Коомдук жайдагы, сырттагы тартип.
2. Жолдо жүрүү, коопсуз жашоо тартиби. Мектептин тартиби. Жоопкерчилик.
3. Табиятты бүлүндүрүү – адепсиздик. Табияттын каргышы. Гүлдөр, өсүмдүктөр – абаны тазалап турат. Ар бир кыйылган дарак – соолуган өмүр сыяктуу. Жаныбарлар биздин байлык. Төрт мезгилдин сыры.
4. Мугалим – экинчи ата-энем. Мугалим - акылдын кенчи. Мугалим – келечек муундун устаты.
5. Бөбөгүңө өбөк, ага-эжеңе жөлөк бол. Ата-энеңди сыйла. Бата менен эл көгөрөт. Тегиңди бил, ыйманыңды сакта!
6. Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген. Суу – адамзаттын өмүр булагы. Жарашыктуу кийин. Денени чыңдоо – узак өмүргө өбөлгө.

7. Китепти кантип окуу керек? Окурманга кеңеш. Биздин үйдөгү газета-журналдар. Мен сүйгөн китеп.

8. Мектеп күндөлүгү. Аны менен кантип иштейбиз? Окуучунун күндөлүк режими. Биздин класс танаписте.

9. Мен киммин? Мен кандаймын? Менин атымдын мааниси. Мен эмнени кыялданам? Мен билем, ойлойм, каалайм. Жаштын тилегин берет.

**2-класс**

1. Менин мекеним – Кыргызстан. Ата журтум, кичи мекеним.

2. Билимдүү болсоң – ососуң, билимсиз болсоң – осолсуң. Билимсиздер коомду артка тартат.

3.Китеп – билим булагы, билим – өнөр чырагы. Билимдүүгө дүйнө жарык.

4. Тыкандык. Тазалык – жарым ыйман. Коомдук тартип.

5. Сүйлөшүү маданияты. Тил – адамдын күзгүсү. Тил – ойдун сандыгы. Биздин үй-бүлөдөгү сүйлөшүү.

6. Карылар – үйдүн куту. Эне сыйлаган – элге жагат. Ата-эненин мээрими чексиз.

7. Адеп – ыймандын сырткы көрүнүшү. Адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат.

8. Чындык жана жалган. Калп сөз – ырыс кесет. Чын айтып зыян тапсаң, акыры жетесиң муратка, калп айтып пайда тапсаң, акыры каласың уятка.

8. Айлана-чөйрөнү коргоо- атуулдук милдет. Эр энеден туулат, эл үчүн жашайт. Баатырлар эл сыймыгы.

9. Эл тилектештиги – ынтымакта. Эл достугу – улук. Улуттар биримдиги – улуу байлык. Эл сыйлаган эшикте калбайт.

**3-класс**

1. Кыргызстан – эркин мамлекет. Мекеним – алтын бешигим. Мекен – астанадан башталат.

2. Мүнөз. Маанай. Көңүл жана көңүлсүздүк. Бактылуу болуу мүнөздөн.

3. Таарыныч, узак таарынуунун зыяны. Өзүмчүлдүк, адепсиздик, сараңдык, наадандык, түркөйлүк. Кайрымсыздык – калк кайгысы.

4.Сыналгыдан, компьютерден пайдалуу нерсени көрүүгө үйрөн. Компьютердик айрым оюндардын зыяндуулугу.

5. Чет элдик терс таасирден сактан. Кыргыз маданияты – чоң баалуулук.

6. Ак эмгектин наны таттуу. Жаздын бир күндүк эмгеги жыл бою багат.

7. Туура тамактануу – ден соолукка, узак жашоого өбөлгө. Режимди сакта. Жаман адаттардан алыс бол!

8. Табият менен таттуу мамиле. Суу сыйлаган зор болот. Эртең кыямат болот десе да, бүгүн бир көчөт тигип кой. Канаттууларды корго.

9. Белек берүү маданияты. Мамилелешүү маданияты. Телефондо сүйлөшүү маданияты.

**4-класс**

1. Өнөр алды – кызыл тил. Канча тил билсең, ошончо дил, эл билесиң.

2. Даанышмандар, акылмандар – калк казынасы. Байыркы баатырлар баяны. Жоомарттык.

3. Дүйнө адамдарынын ачылыштары. Дүйнөнү, элдерди, адамдарды тааны, өзүңдү тааны.

4. Жакындар, туугандар, кошуналар менен туура мамиле. Өз ара жардамдашуунун, биримдиктин мааниси.

5. Жер планетасындагы элдер кантип жашашат? Толеранттуулук.

6. Баланын укугу жана милдеттери. Ата-эненин укугу, милдеттери. Мыйзам менен таанышуу.

7. Каадасы болбой эл болбойт. Элдик каада-салт, рухий мурас. Жети атаңды бил!

8. Сүйүктүү ишти табуу – менин бактылуу келечегим. Мен кайсы кесиптин ээси болгум келет? Өнөрлүү – өлбөйт. Иштемчилдик.

9. Табиятты сүй! Ысык-Көл – кыргыз бермети.

10. Адал ырыскы. Арамдан алыс бол! Адалды арамдан айырмалоо.

**5-класс**

1. Сылыктык, сыпайылык, сабырдуулук – тартиптүүлүктүн негизи. Адамдар менен мамиле түзүүнүн этикалык нормасы. Оройлуктун зыяны.

2. Мүнөздүн жакшылыгы – асылзаттын белгиси. Мүнөзү жамандын – тагдыры тайкы. Кандай мүнөз күтсөң, ошондой тагдырга ээ болосуң.

3. Кадырлуу, урматтуу, беделдүү адамдардын жакшы сапаттары.

4. Өлкөнүн татыктуу жараны болуунун жол-жобосу. Окуучунун жүрүм-туруму – анын үй-бүлөсүнүн, мектебинин, жүзү.

5. Сенин бүгүнкү кылык-жоругуң, жүрүм-турумуң, кылган ишиң, адамга мамилең ж.б. – эртеңки мүнөзүңдү, келечегиңди аныктайт. Мүнөзү жакшы калыптангандын – тагдыры таалайлуу болот. Этикалык билимдин (жүрүм-турум нормаларын билүүнүн) мааниси.

6. Адамдын маданий деңгээлинин өсүшүндө өзүн өзү көзөмөлдөөнүн, жөнгө салуунун ролу. Башкалар сени ардактай турган деңгээлге (даражага) өзүн өзү көзөмөлдөгөн, өзүн өзү жөнгө салган адам жетишет.

7. Тактык, тыкандык, тапшырманы убагында орундатуу, жыйнактуулук, чебердик – адептүүлүктүн белгиси. Илээндилик, шалаакылык, балиттик, (өзүн жана үйүн таза кармабоочулук) – адепсиздиктин белгиси.

8. Ата-эне жөнүндө баллада. Ата-энең сен жөнүндө камкордук көргөн. Ата-энеңе камкордук көр. Үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн этикасы. Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый

көрөсүң. Эне сүтүн акта. Ата-эне ыраазы – Кудай ыраазы! Үй-бүлөдөгү бир туугандардын мамилеси, кыз балага, аялзатына болгон урматтуу мамиле, уулдун, кыздын, улуулардын укук-милдеттери.

9. Конокто жана үйдө өзүн алып жүрүү адеби. Конок күтүүнүн жана кожоюн болуунун адеби.

10 Жалалиддин Руминин осуяты. Жоомарттыкта жана кайрымдуулукта шаркырап аккан суудай бол. Боорукердикте жана мээримдүүлүктө жадырап тийген күндөй бол. Бирөөнүн кемчиликтерин жашырууда капкараңгы түндөй бол. Токтоолукта, чыдамдуулукта барын көтөргөн жердей бол. Айкөлдүктө чалкып жаткан деңиздей бол. Каарың келип, ачууланганда үн чыгарбас балыктай бол. Кандай болсоң ошондой көрүн, кандай көрүнсөң ошондой бол.

11. Жакшылыктын акыбети – жакшылык менен кайтат. Жакшылыкка жакшылык, ар адамдын иши. Жакшылыкка жамандык, көкүрөгү көр адамдын иши. Жамандыкка жакшылык, эр адамдын иши. Жамандык кылган жарыбайт! Жамандык кылба, жаман ойлобо.

## 6-класс

1. Табигый дүйнөгө карата адамдын туура мамилеси. Жаныбарларды, жандуу жаратылышты коргоо, өсүмдүк, гүл өстүрүү. Туулган жердин топурагы алтын. Алтындай болгон аккан суу. Жер-суу аталыштары. Атына заты төп келген, асман “тиреген” Ала-Тоо, чүрөктөй көлдөр кимде бар? Ооматтуу Ошум – сыймыгым (Каракол, Кең Чүй, Талас, Жалал-Абад, Баткен, Нарын). Сулайман тоо – керемет кенч.

2. Мектеп турмушунда өзүн туура алып жүрүүнүн эрежелери. Мугалим – алтын чынарым!

3. Жылмаюдан достук башталат. Ыраазы болгон сыяктуу жагымдуу жүз менен жылмаюунун мааниси. Адамдын көңүлүн көтөрүүнүн, кадырын билүүнүн мааниси. Жоро-жолдош жана кошуна менен мамиле түзүү адеби.

4. Тамак ичүүнүн, рационду (натуралдык азык заттар, витаминдер, белок, углевод ж.б.) туура тандоонун мааниси. Өздүк гигиена эрежелери. Ден-соолукка камкордук көрүү. Туз таткан жериңе кыянаттык кылба. Бир күнү даам таткан жериңе миң жолу салам бер.

5. Жанды кейиткен жалгыздык. Мамиле түзгөндү билбеген жалгыздыктан жапа чегет. Чакырганга келбеген, сыйлашууга зар болот. Жамаат менен мамиле түзө билүүнүн ролу.

6. Жакшы болсо бир дөңдө, жаман болсо бир чуңкурда (калктын, үй-бүлөнүн) ынтымагынын мааниси. Үй-бүлө, жакындар, туугандар менен мамиле түзүүнүн жол-жобосу. Бекем үй-бүлө – бактылуу турмушка өбөлгө.

7. Адамга эки нерсе тирек, бири – маданиятуу калыптанган тил, бири жүрөктөгү таза дил. Кеп маданиятынын ролу. Сөздүн кудурети. Маданиятсыз калыптанган тилдин зыяндуулуугу. Орундуу сөз акыл-эстен от алат, одоно сөз ийиниңден баш алат.

8. Эне тилин билбеген эси жогун аныктайт (Байдылда). Тилин унуткан элдин келечеги жок, улут катары жок болуп кетет. Эне тилин сүйүүгө карата маек. Улуттун улуулугу тилинде. Көп тилдүү билим – түгөнбөгөн кенч.

9. Жыныстык тарбия. Балдар менен кыздардын өз ара мамилеси. Физиологиялык өзгөрүшү. Пакизалык. Сый болуу. Кыздарды сыйлоо. Сыйга сый жарашат, сый билбеген адашат. Балагатка жеткен балдардын (кыздардын) адеби. Кыз адеби кымбат, уул адебине урмат.

10. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдорунун чечмелениши.

## 7-класс

1. Эмгектенүү маданиятынын калыптанышына камкордук көрүү. Сенин шыгыңа ылайык, өзүң сүйгөн ишти тандоо. Эмгегине жараша адамдын өнмөгү. Эмгекчил,

сарамжалдуу, мээнеткеч адамдар коомдун түркүгү. Жалкоолуктун кесепети.

2. Дене тарбия. Спорт. Гигиена. Дене тарбия – ден-соолукка дары. Руху соонун дени-карды соо. Рухий, дене соолугуна камкордук көрүү.

3. Досу жок адам – канаты жок кушка окшош. Жоро-жолдош, дос күтүүнүн жол-жобосу. Достун укугу жана милдети. Ынтымак бар жерде достук бар. Башка кыйынчылык түшкөндө, дос кадыры билинет.

4. Адамдын жашоосунун максаты жана маңызы. Максат менен соккон жүрөк, бакыт менен өмүр сүрөт. Маңыздуу жашоонун ролу. Бактысыздыктын себеби – ыймансыздык, максатсыз жашоо.

5. Бирөөнүн кайгысын бөлүшүү. Кайгылуу адамдын абалын баалоо. Күйүттүү адамга мамиле жасоонун этикалык нормалары. Кекчил болбо, эпчил, кечиримдүү бол!

6. Кыргызстандын экологиялык маселелери. Табиятка катаал мамиле кылса, табият катаал жазалайт, ага карата мисалдар. Кыргызстан – биздин Мекенибиз. Ата Мекенибиздин тоолорун, сууларын, талааларын, токойлорун коргойлу. Ата Мекендин оору-соолугунун адамга, үй-бүлөгө таасири. Ата журтка болгон кусалык.

7. Дилдин соолугу - табылгыс байлык. Жакшы адамдын белгилери – дили соо, тили (кеби) маданияттуу, ою таза, ниети ак. Сөздүн, ойдун, ниеттин, абийирдин тазалыгы, пейилдин кенендиги, ыймандын толуктугу дилдин соолугуна өбөлгө.

8. Ата Мекендин тарыхынын үй-бүлөнүн тарыхына тийгизген таасири. Мекенимде алтын күз тосуу салты. Ата-бабалардын рухий мурастары.

9. Ичи тардык, көрө албастык, ниеттин бузулушу, пейилдин тарышы. Ниеттин аласы – Кудайдын балаасы. Булардын адамга, коомго зыяны.

**8 класс**

1. Акыл тарбиясы. Акылы аздын азабы көп. Адамдын жашоосунда акылдын ролу. Акылсыздын коомго, үй-бүлөгө зыяны. Акылдын өбөгү – билим, жөлөгү тажрыйба. Акылдуулар сөз алышат, акылсыздар өч алышат. Ачуу – душман, акыл – дос.

2. Аз сүйлөп көп ук. Маанисиз сөздөрдүн зыяны. Угуу маданияты.

3. Мактанчаактык. Көйрөңдүк, кербезденүү. Текеберчилик, алардын зыяндуулугу. Кичипейил, элпек жана жөнөкөй бол.

4. Экономикалык тарбия. Сарамжалдуулук, үнөмдүүлүк. Сарамжалдуу үй-бүлөдө байлык топтолот. Ысырапкорчулуктун зыяндуулугу. Сараңдык – рухий дарт. Убакыт – акчадай кымбат баалуулук.

5. Билимдүүгө дүйнө жарык. Билим издеген өсөөр, бүлүк издеген өчөөр. Билимдүүнүн күчтүүсү – адамгерчиликтүү. Билим – түгөнбөгөн кенч. Билимдүүдөн акыл чыгат, акылдуудан накыл чыгат. Адамзаттын рухий азыгы, билим булагы – китеп.

6. Напси – ички душман. Коомду регресс жолуна алып бараткан ***терс сапаттар***. Трайбализм, коррупция, кошоматчылык, жасакерлик, көшөкөрлөнүү, паракорлук. Булардын адамга, үй-бүлөгө, коомго, мамлекетке зыяндуулугу. Ички душманын (напсини) тыюу, духу күчтүү болууга өбөлгө. Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок.

7. Ырыс алды – ынтымак. Мамлекеттин өнүгүшүндө биримдиктин мааниси.

8. Калп айтуу, жала жабуу, авантюра, алдамчылык, афирист. Калптын казаны кайнабайт. Алардын адамга, коомго, мамлекетке зыяндуулугу.

9. Адептүүлүктүн мыйзамдары. Уяттуулук жана уятсыздык, абийирдүүлүк жана абийирсиздик, намыстуулук жана намыссыздык, калыстык жана калыссыздык, урмат-сыйга ээ болуу жана урмат-сыйдан калуу. Абийиринди

жашыңдан сакта, адашып жаман жолго баспа. Абийир наркы беш мүнөттүк кумар эмес.

10. Сынды туура кабылдоо, сөз көтөрүмдүүлүк, кемчиликти моюнга алуу жана кечиримдүүлүк. Кек сактабоо. Өч менен кек адам үчүн кемчилик, алар жеңсе, анда кетет теңчилик (Ж.Баласагын).

## 9 класс

1. Башка элдердин маданияты, адептик нормалары.

2. Үй-бүлөнүн, коомдун, мамлекеттин Ата Мекендин алдында эркек балдардын (кыздардын) атуулдук милдеттери. Уул, ага, ата, чоң ата болуу милдети. Жеңе, эне, кайын-эне, чон-эне болуу милдети. Жарандык милдет. Ажырашуунун коомго зыяны.

3. Эр эмгегин жер жебейт. Эмгекчилдиктин, мээнеткечтиктин, ишкердиктин ролу. Эмгегинен баар тапкан адамдар. Эмгек аркылуу мартабаң көтөрүлөт. Эмгек кылсаң жашыңан, дөөлөт кетпейт башыңан. Иш бар жерде ийгилик бар. Мээнет жерде калбайт, мээнетсиз ырахат албайт. Ийгилик мээнетсиз келбейт.

4. Кооптуу жүрүм-турум. Адамдын өмүрүнө, ден-соолугуна коркунуч туудурган (велосипед, мотоцикл, мопед, машина менен жол эрежелерин бузуу, кайыкта отуруп кыйшаңдоо, адепсиз ж.б.) жүрүм-турумдун зыяндуулугу.

5. Жыныстык тарбия. Мораль. Пакизалыктын мааниси. Эркек баланы ата болуу маданиятына тарбиялоо, кыз баланы эне болууга даярдоо. Жеңил ойлуулуктун зыяндуулугу.

6. Физикалык маданият, профилактикалык аракет, жугуштуу ооруларга каршы күрөшүү. Темир, витамин, йоддун ж.б. жетишсиздигинин алдын алуу.

7. Адам, эл менен гармониялуу кызматташуу адеби. Тиричилик кылууда мамиле түзүүнүн ролу. Кызыкчылык, керектөөчүлүк, булардын мамиле түзүүдөгү мааниси. Өз “көмөчүнө күл тартуунун” зыяндуулугу. Принциптүүлүк,

принципсиздик, оң жол, туура жолдон чыгуу. Ишенимдүүлүк. Ишенимсиздик алардын пайда-зыяндуулугу.

8. Турмуштун адептик мыйзамдары. Сен сыйласаң сени да сыйлашат. Сезимтал, сергек бол. Адамды көңүл коюп ук, көңүлүн калтырба. Кайдыгерлик. Камкордук. Кылдаттык. Толеранттуулук.

9. Адамдын табияты. Аң-сезимдүүлүк, акыл-эстүүлүк, сезимталдуулук, кыраакылык. Ата Мекенди, элин, үй-бүлөсүн, адамды сүйүү. Булардын жетишсиздигинин кесепети.

## 10 класс

1. Жакшылык менен жамандык. Жамандыкты амандык жеңет. Элдин жыргалдуу жашоосунда жакшылыктын ролу, жамандыктын кесепети. Кыргыз эпосторунан жана кенже эпосторунан алынган мисалдар.

2. Өткөн тарыхын тапанча менен атканды, келечек замбирек менен атат. Өткөн муундагыларды орунсуз сынга албоо – билимдүүлүктүн белгиси. Тарыхтан сабак алуу. “Тарыхты танганың, тамырсыз калганың” (Нурмолдо).

3. Улуттук баалуулук. Адамзаттык баалуулуктар. Адамдын өмүрү – жогорку баалуулук. Материалдык жана рухий баалуулук.

4. Жаман адаттан кутулуунун жол-жоболору. Жаман адаттын адамдын өзүнө, үй-бүлөгө, коомго зыяндуулугу. Мээримдүү жүрөк. Үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө камкордук көрүү. Жүрөктүн тазалыгынын, рухий бейпилдиктин мааниси.

5. Өзүнүн маселесин өзү чечүү, өз алдынча аракет, өз кесибин өзү аныктоо, өз ара жардамдашуу, өзүн өзү, бири-бирин көзөмөлдөө. Алардын ролу.

6. Адамды, коомду деградация жолуна салуучу нерселер – арак, баңгилик, токсикомание, сойкулук, сүткорлук, кылмышкерлик, кумар оюндары.

7. Алкоголдук ичимдиктердин, тамекинин, нашаанын, насвайдын зыяндуулугу. Ичимдиктин организимге, психикага терс таасири.

8. Көз карандылык деген эмне, андан кантип кутулууга болот? Көз карандылыктын түрлөрү: ичимдиктен, баңгизаттан, музыкадан, телекөрсөтүүдөн, компьютердик оюндардан, саясаттан, каражаттан, аң-сезимден, дары-дармектен, соргоктуктан ж.б. көз карандылык. Анын натыйжасы. Ага кабылбоонун, андан кутулуунун жол-жобосу.

9. Адамзаттын масштабдуу көйгөйү – ВИЧ/СПИД. Адамзаттын жашоосунда венерологиялык оорулардын залалы. Мындай көйгөйдөн алыс жашоонун зарылдыгы.

**11-класс**

1. Өспүрүмдөрдө туура көз караштын, ынанымдын, калыптанышынын мааниси. Туура эмес көз караштагы, ынанымдагы жаштар туура эмес ой жүгүртүшөт. Анын финалы – рухий кризис.

2. Оптимисттик көз карашты калыптандыруунун мааниси. Пессимизмдин зыяндуулугу, андан кутулуунун жол-жобосу.

3. Акылмандуулук, даанышмандуулук. Акылман адам – ай чырайлуу, бал сөздүү. Акылман элди баштаса өргө, акылсыз баштаса чөлгө. Акылмандык бар жерде, акыйкаттык бар.

4. Адилеттүүлүк. Акчанын сөзү сүйлөп турган жерде, адилеттүүлүк ыйлап турат. Адилеттүү адам абройлуу. Адамдын, коомдун өнүгүшүндө адилеттүү мыйзамдын ролу. Адилетсиздиктин зыяндуулугу.

5. Экстремизм, радикалдуу, деструктивдүү коомдор. Ксенофобия, дискриминация. Туура эмес ишенимдин калыптанышы, анын зыяндуулугу. Секталарга (шиа, бахаи, ахмедия, баптист, иеговист, мун, сайентолог, сатанист ж.б.), псевдомаданий (оккультизм, экстрасенсорика, сыйкыр ж.б) окуулардын зыяндуулугу. Конфессиялык кагылыштын зыяны.

6. Суицид. Өзүн-өзү өлтүрүү, жан кечтилик, булардан оолак жашоо.

7. Ыймандуулук. Каниетчилдик, тобо кылуу. Аманатка кыянат кылбоо. Карынын сөзүн капка сал. Атанын сөзү –

акылдын көзү. Мусапырга, жолоочуга, жетим-жесирге туура мамиле. Ишенимди туура тандаанун мааниси. Бактылуу болуунун формуласы.

8. Ынсаптуулук, эркиндик, теңдик, тынчтык, бир тууганды, акыйкаттык – жакшы ойго өбөлгө. Негативдүү ойлордун зыяндуулугу, позитивдүү (туура, ырас, жакшы) ой менен жашоонун мааниси.

9. Кайраттуу эрге бак турат. Кайраты жоктун сабыры жок, сабыры жоктун кадыры жок. Кайрат дартты жеңилдетет. Кайратту адам калкка башчы болот. Кайраты бар кишинин, берекеси бар ишинин.

10. Алысты жакын, жокту бар, жашоону таттуу кылган сүйүү. Сүйүү бар жерде жашоо – бар. Никеге туруудa сүйүүнүн орду.

## КЛАССТЫК ТАРБИЯЛЫК СААТТАРДЫН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

**2-ВАРИАНТ**

**1-класс**

| | |
|---|---|
| **I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Менин мекеним – Кыргызстан. |
| 2. | Мен киммин? Мен кандаймын? |
| 3. | Менин достугумдун тарыхы. |
| 4. | «Жакшы» деген эмне жана «жаман» деген эмне? |
| 5. | Сылыктык жана одонолук жөнүндө. |
| 6. | Жоопкерчиликтүү болуу деген эмне? |
| 7. | Коомдук жайда тартиптүү бол! |
| 8. | Саламдашпай сөз баштаба. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Кызыл-жашыл-сары. Жолдон өтсөң абайла! |

| | |
|---|---|
| 2. | Биздин үйдөгү гезит жана журналдар. |
| 3. | Мен сүйгөн китеп. |
| 4. | Үй ичиндеги гүлдөр – абаны тазалап турат. |
| 5. | Табият да каргайт. |
| 6. | Денени чыңдоо – узак өмүргө өбөлгө. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген. |
| 2. | Китепти кантип окуу керек? Окурманга кеңеш. |
| 3. | Бөбөгүңө өбөк, ага-эжеңе жөлөк бол! |
| 4. | Жаныбарлар биздин байлык! |
| 5. | Суу – бул адамзаттын өмүрү. |
| 6. | Салам, сага, санжыралуу ноорузум! |
| 7. | Төрт мезгилдин өз-өзүнчө сыры бар! |
| 8. | Баатырлар эл сыймыгы. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Мугалим – экинчи ата-энем. |
| 2. | Менин атымдын мааниси эмне? |
| 3. | Тегиңди бил, ыйманыңды сакта! |
| 4. | Жарашыктуу кийинүү да адеп. |
| 5. | Бата менен эл көгөрөт. |
| 6. | Манасым менин мурасым. |
| 7. | Табиятты бүлүндүрүү – бул адепсиздик. |
| 8. | Ар бир кыйылган дарак – соолуган өмүр. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

## 2-класс

| **I чейрек (9 саат)** | |
|---|---|
| 1. | Ата журтум – асыл тирегим. |
| 2. | Мектеп күндөлүгү. Аны менен кантип иштейбиз? |
| 3. | Окуучунун күндөлүк режими. |
| 4. | Биздин класс танаписте. |

| | |
|---|---|
| 5. | Билимдүү озот, билимсиз тозот. |
| 6. | Сүйлөшүү маданияты. |
| 7. | Түшүм майрам – ырыс майрам. |
| 8. | Тил адамдын күзгүсү. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Мугалим акылдын кенчи. |
| 2. | Карылар – үйдүн куту. |
| 3. | Мен эмнени кыялданам? |
| 4. | Биздин үй-бүлөнү туулган күндөрү. |
| 5. | Калп сөз – ырыс кесет. |
| 6. | Жаңы жыл – сүйүктүү майрамым. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Айлан-чөйрөнү коргоо – атуулдук милдет. |
| 2. | Тыкандык деген эмне? |
| 3. | Таарыныч жана таарынуунун себептери. |
| 4. | Канаттуулар биздин досубуз. |
| 5. | Эне сыйлаган – элге жагат. |
| 6. | Өзүмчүл. Ал кандай адам? |
| 7. | Нооруз – салтанаттуу майрам! |
| 8. | Эр энеден туулат, эл үчүн өлөт. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Өнөр үйрөнүү - бул кесип тандоо. |
| 2. | Эл тилектештиги – ынтымакта. |
| 3. | Бала укугу – ыйык. |
| 4. | «Манас» эпосу – кыргыз мурасы. |
| 5. | Улуу жеңиш – унутулбайт. 9-май жеңиш күнү! |
| 6. | Досуңдун жакшы сапаттары кайсы? |
| 7. | Адептүү алкыш, адепсиз каргыш алат. |
| 8. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| 9. | Мен жайкы эс алууну кайда өткөрөм. |

**3-класс**

| | |
|---|---|
| **I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Кыргызстан эркин мамлекет. |
| 2. | Чындык жана жалган – ал кандай болот? |
| 3. | Адеп – ыймандын сырткы кийими. |
| 4. | Сараң жана сараңдык. |
| 5. | Тил – ойдун сандыгы. |
| 6. | Мугалим келечек муундун устаты. |
| 7. | Мүнөз деген эмне? |
| 8. | Кары адам үйдүн куту. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Телевизордон пайдалуу нерсени көрүүгө үйрөн. |
| 2. | Компьютердик оюндардын зыяндуулугу. |
| 3. | Чет элдик терс таасирден сактан. |
| 4. | Мен билем, мен ойлойм, мен каалайм. |
| 5. | Менин үй-бүлөм – бул… |
| 6. | Жаңы жылды ким кандай тосот? |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Ак эмгектин наны таттуу болот. |
| 2. | Билимдүүгө дүйнө жарык. |
| 3. | Табият менен таттуу мамиледе бололу! |
| 4. | Суу сыйлаган зор болот. |
| 5. | Туура тамактануу – узак жашоого өбөлгө. |
| 6. | Кайрымдуулук – улуулук. |
| 7. | Эрдик билекте эмес – жүрөктө. |
| 8. | Бар бол, Нооруз! |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Эртең кыямат болот десе, бүгүн бир көчөт тигип кой. |
| 2. | Жаман адаттардан алыс бол! |

| | |
|---|---|
| 3. | Белек берүү маданияты. |
| 4. | Телефондо сүйлөшүү маданияты. |
| 5. | Мекен – астанадан башталат. |
| 6. | Эл достугу – улук. |
| 7. | Жети атаңды бил! |
| 8. | Ата-эне мээрими чексиз. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

**4-класс**

| **I чейрек (9 саат)** | |
|---|---|
| 1. | Мекеним – алтын бешигим. |
| 2. | Менин кайсы кесиптин ээси болгум келет? |
| 3. | Өнөр алды кызыл тил. |
| 4. | Даанышмандар – калк казынасы. |
| 5. | Жолдо жүрсөң абайла. |
| 6. | Дүйнө адамдары жана алардын ачылыштары. |
| 7. | Жакындарым жанымда болбосо мен эмнени сезем? |
| 8. | Жоомарттык эр адамдын иши. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Менин кыялдануум жана менин каалоом. |
| 2. | Биз толлеранттуу болобуз! |
| 3. | Бала укугу жана милдети. |
| 4. | Менин турмуштагы досум. |
| 5. | Көңүлдүү жана көңүлсүздүк. |
| 6. | Каадасы болбой эл болбойт. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Бактылуу болуу деген эмне? |
| 2. | Жер планетасы кантип жашайт? |
| 3. | Канча тил билсең, ошончо дил билесиң? |
| 4. | Кыз адеби кымбат, уул адеби урмат. |
| 5. | Сүйүктүү иш – менин бактылуу келечегим. |

| | |
|---|---|
| 6. | Ооматтуу Ошум сыймыгым! |
| 7. | Кел, Ноорузум, кут келгин! |
| 8. | Байыркы баатырлар баяны. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Жаздын бир күнү жылга тете. |
| 2. | Табиятты сүйө бил! |
| 3. | Ысык-Көл кыргыз бермети. |
| 4. | Мыйзам деген эмне? |
| 5. | Канаттууларды коргойбуз. |
| 6. | Кайрымсыздык калк кайгысы. |
| 7. | Кош бол, башталгыч класс! |
| 8. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| 9. | Мен жайда кайда эс алам. |

**5-класс**

| | |
|---|---|
| **I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Бирөөнүн буюумуна уруксатсыз тийүү – адепсиздик. |
| 2. | Жакшылыктын акыбети – жакшылык менен кайтат. |
| 3. | Жоомарттыкта жана кайрымдуулукта шаркырап аккан суудай бол. |
| 4. | Боорукердикте жана мээримдүүлүктө жадырап тийген күндөй бол. |
| 5. | Бирөөнүн кемчиликтерин жашырууда капкараңгы түндөй бол. |
| 6. | Токтоолукта жана жөнөкөйлүктө көтөрүмдүү жердей бол. |
| 7. | Чыдамдуулукта чалкып жаткан деңиздей бол. |
| 8. | Каарың келип ачууланганда үн чыгарбас балыктай бол. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |

| | |
|---|---|
| 1. | Кандай болсоң ошондой көрүн же кандай көрүнсөң ошондой бол. |
| 2. | Дос жана достошуу. |
| 3. | Саранддык. |
| 4. | Үй-бүлөдөгү улуулардын милдети. |
| 5. | Ынтымактуу кошуна болуу. |
| 6. | Элдин кыз балага, аялзатына болгон урматтуу мамилеси. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Адал ырыскы. |
| 2. | Менин сүйгөн кесибим. |
| 3. | Сулайман тоо – керемет кенч. |
| 4. | Өнөрлүү – өлбөйт. |
| 5. | Жакшылыкка жакшылык, жакшы адамдын иши. |
| 6. | Сабырдуулук. |
| 7. | Иштемчилдик. |
| 8. | Абийириңди жашыңдан сакта. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Жамандык кылган жарыбайт. |
| 2. | Орундуу сөз акыл эстен от алат, орунсуз сөз ийиниңден баш алат. |
| 3. | Кимге кандай мамиле кылуу керек? |
| 4. | Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң. |
| 5. | Ата ыраазы – кудай ыраазы! |
| 6. | Эне сүтүн кантип актайбыз? |
| 7. | Үй-бүлөдөгү бир туугандардын мамилеси. |
| 8. | Кайрымдуулук. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

## 6-класс

| | |
|---|---|
| **I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Максат жана максатка умтулуучулук. |
| 2. | Жолдош жана жолдошчулук. |
| 3. | Кекчил болбо, кечиримдүү бол! |
| 4. | Бирөөгө жамандык ойлобо жана жасаба. |
| 5. | Билимдүүгө дүйнө жарык. |
| 6. | Туулган жердин топурагы алтын. |
| 7. | Кыргыз тилим – байдыгым! |
| 8. | Жолдо жүрсөң, абайла! |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Мугалим – алтын чынарым! |
| 2. | Карысы бар үйдүн ырысы бар. |
| 3. | Мекенимде алтын күз. |
| 4. | Билим түгөнбөгөн кенч. |
| 5. | Убакыт акчадан кымбат. |
| 6. | Улуттун улуулугу тилинде. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Алтындан артык аккан суу. |
| 2. | Туура тамактануу – узак жашоого өбөлгө. |
| 3. | Жан азыгы – жагымдуу музыка. |
| 4. | Каргыш албай, бата ал! |
| 5. | Кыргыз Республикасынын символикаларындагы түстөрдүн чечмелениши. |
| 6. | Калп айтуу, жалаа жабуу, алдамчылык. |
| 7. | Намыс жана намыстуулук. |
| 8. | Адамзаттын азыгы китеп. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Жолдо жүрсөң, сак бол! |
| 2. | Ооматтуу Ошум – сыймыгым. |

| | |
|---|---|
| 3. | Жалкоолук – жаман жорук. |
| 4. | Кыргызстан биздин мекенибиз. |
| 5. | Атына заты төп келген, чүрөктөй көлдөр кимде бар? |
| 6. | Жер-суу аталыштары. |
| 7. | Абалкы аттарды кастарлай билели. |
| 8. | Туз таткан жериңе кыянаттык кылба. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

**7-класс**

| **I чейрек (9 саат)** | |
|---|---|
| 1. | Соолутпа жанды, соо болсун десең ата журт! |
| 2. | Улуттар биримдиги – улуу байлык. |
| 3. | Абийириңди жашыңдан сактагын, адашып жаман жолго баспагын. |
| 4. | Ата-энең сенин бейишиң. |
| 5. | Өмүр наркы бир мүнөттүк кумарбы? |
| 6. | Ачуу – душман, акыл – дос. |
| 7. | Тамеки – өмүр душманы. |
| 8. | Жаратылышты коргойлучу, замандаш! |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Эмгекчил, сарамжал, мээнеткеч адамдар коомдун түркүгү. |
| 2. | Мекенди коргоо – ыйык милдет. |
| 3. | Ата Мекенге болгон кусалык деген эмне? |
| 4. | Адептүүлүк – адам көркү. |
| 5. | Көп угуп, аз сүйлө, ойчул бол. |
| 6. | Ар кимдин эмгеги өзүнө кымбат. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Кичипейил, жапакеч, элпек жана жөнөкөй бол. |
| 2. | Сынды туура кабылдоо, кемчиликти моюнга алуу |

| | |
|---|---|
| | жана кечиримдүү болуу. |
| 3. | Сөз көтөрүмдүү, жайдары, кең пейил бол. |
| 4. | Сылык, сыйчыл мүнөз адамды ажарлантат. |
| 5. | Кек жана кекчилдик. |
| 6. | Өзүмчүлдүк, кайдыгерлик. |
| 7. | Мактанчаактык жана кошоматчылык. |
| 8. | Ушакчылык, чагымчылык. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Ички тардык, көрө албастык, кара ниеттик. |
| 2. | Ысырапкерчилик, жалкоолук. |
| 3. | Орой-одонолук, ыксыз – күлкү адепсиздик. |
| 4. | Калп айтуу, жалаа жабуу, алдамчылык. |
| 5. | Жети атасын билбеген – жетесиздик. |
| 6. | Кыргыз эли – жаратман калк. |
| 7. | Элдин пейили, сыйчылдыгы, меймандостугу. |
| 8. | Элдин айкөлдүгү, адилеттүүлүгү, адамгерчилиги. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

**8-класс**

| | |
|---|---|
| **I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Максатыңыз белгилүү болсун. |
| 2. | Жакшы жашоо программасын түзүңүз. |
| 3. | Китеп окууну көнүмүш адатка айландырыңыз. |
| 4. | Кылган ишиңизге маани бериңиз! |
| 5. | Сүйүүнүн күчүн колдонуп, күчтүү бол! |
| 6. | Ачууңду жеңе бил! |
| 7. | Жашооңду жеңилдет. |
| 8. | Ден соолукта жашоонун сырларын билиңиз! |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Абийирдүү, чынчыл жашаңыз жана бактылуу болуңуз! |

| | |
|---|---|
| 2. | Ийгиликтүү болуунун жолдорун үйрөнүңүз. |
| 3. | Сабак аткаруу системасын түзүңүз. |
| 4. | Стрессиз жашоону үйрөнүңүз. |
| 5. | Мен сенин жүрөгүңмүн! |
| 6. | Кыргыздын бийиги – адам. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Кыргыздын байлыгы – сөз. |
| 2. | Кыргыздын аздеги – ат. |
| 3. | Тооба кылуу. |
| 4. | Ачууга алдырбоо. |
| 5. | Сүткорлук. |
| 6. | Араккорлук. |
| 7. | Билим гана адамды эркин жана бийик кылат. |
| 8. | Ата журтум – ата мурасым. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи? |
| 2. | «Сиз кетирген жаңылыштыкты кайталабайын». |
| 3. | Эне тилим эчен кылым карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан. |
| 4. | Кыргыздын ак калпагы. |
| 5. | Бар бол, нооруз! |
| 6. | Сак бол! ВИЧ\СПИД. |
| 7. | Иштермандык, биримдик – мекен тиреги. |
| 8. | Эч ким, эч нерсе, эч качан унутулбайт! |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

## 9-класс

| **I чейрек (9 саат)** | |
|---|---|
| 1. | Энеге мамиле. |
| 2. | Атага мамиле. |
| 3. | Кошунага мамиле. |

| | |
|---|---|
| 4. | Балага мамиле. |
| 5. | Кыз балага мамиле. |
| 6. | Улуу-кичүүгө мамиле. |
| 7. | Адамга мамиле. |
| 8. | Устатка мамиле. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Жан-жаныбарларга мамиле. |
| 2. | Тилге мамиле. |
| 3. | Тарыхый мурастарга мамиле. |
| 4. | Илимге мамиле. |
| 5. | Бирөөнүн акына мамиле. |
| 6. | Мусапырга жана конокко мамиле. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Өмүргө мамиле. |
| 2. | Убал. |
| 3. | Саламдашуу адеби. |
| 4. | Коштошуу адеби. |
| 5. | Сүйлөшүү адеби. |
| 6. | Дене бойду чыңдоо адеби. |
| 7. | Аманатка кыянаттык кылбоо адеби. |
| 8. | Конок адеби. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Үй-бүлө адеби. |
| 2. | Кийим адеби. |
| 3. | Дос күтүү адеби. |
| 4. | Акыл-парасат адеби. |
| 5. | Оорулууну көрүү адеби. |
| 6. | Адалды арамдан айырмалаш адеби. |
| 7. | Кичипейилдик. |
| 8. | Боорукердик. |

| | |
|---|---|
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

**10-класс**

| | |
|---|---|
| **I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Өзүңүзгө болгон ишеничиңизди арттырыңыз. |
| 2. | Руханий дүйнөңүз таза болсун. |
| 3. | Эмнеге жашап жатам. |
| 4. | Кылган ишиңерге маани бергиле. |
| 5. | Окуп-үйрөнүүнү оңойлоштуруңуз. |
| 6. | Алдыга койгон максатыңыз чоң болсун. |
| 7. | Ийгиликке өжөрлүк менен умтулуңуз. |
| 8. | Убакытты максатыңызга ылайык колдонуңуз. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Сынактан (экзаменден) сар-санаа болуп коркпоңуз. |
| 2. | Ийгиликсиздиктин себептери. |
| 3. | Стресстен тез чыгууга аракет кылыңыз. |
| 4. | Плансыз ийгиликке жетүүнү кыялданбай эле коюңуз. |
| 5. | Ийгиликтин негизги эрежелери. |
| 6. | Сабак окуунуну эрежелери. |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Сабакка көңүл бурууну жакшыртуунун жолдору. |
| 2. | Айлана-чөйрөңүздөгүлөр менен жакшы мамиле куруңуз. |
| 3. | Китеп окуунун ыкмалары. |
| 4. | Конспектилөөнүн ыкмалары. |
| 5. | Сүйлөө ыкмасын үйрөнүңүз. |
| 6. | Өз алдынча жазуунун эрежелери (ыкмалары). |
| 7. | «Китеп» эң жакын досуңуз. |
| 8. | Кунт коюп угууну үйрөнүңүз. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

| I V чейрек (9 саат) | |
|---|---|
| 1. | Эске тутууну үйрөнүңүз (унутчаактык). |
| 2. | Ийгиликтүү окуучулардын негизги өзгөчөлүктөрү. |
| 3. | Уйкуңузду тартипке салыңыз. |
| 4. | Эне тилим эчен кылым карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан! |
| 5. | Ата журтум – ата мурасым. |
| 6. | Сапаттуу билим – мамлекеттүүлүктү бекемдөөнүн тиреги. |
| 7. | Карысы бардын – ырысы бар. |
| 8. | Саламдашуу адеби. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

## 11-класс

| I чейрек (9 саат) | |
|---|---|
| 1. | Ийгиликтин алгачкы душманы жалкоолук. |
| 2. | Ийгиликтин экинчи душманы – жаман дос. |
| 3. | Ийгиликтин дагы бир душманы – жаман өрнөктөр. |
| 4. | Ийгиликке жетүүнүн шарттары. |
| 5. | Бизге таандык болгон жана болбогон процесстер. |
| 6. | Аң-сезимге таандык аракеттер жана эрк. |
| 7. | Тарбиянын рухка жана мүнөзгө болгон таасири. |
| 8. | Карама-каршы көз караштар. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I чейрек (7 саат)** | |
| 1. | Тарбия жана тагдыр. |
| 2. | Жүрүм-турумга байланыштуу мүнөз жана темперамент. |
| 3. | Рухий адаттар жана эрктин кубаты. |
| 4. | Ийгилик жана жемиштүү эмгек. |
| 5. | Эмгектин жана ийгиликтин эрежелери же формулалары. |

| | |
|---|---|
| 6. | Ата журтум, ата мурасым – сыймыгым! |
| 7. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I I I чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Мен киммин? |
| 2. | Ата – аскар тоо, эне – башат булак, бала – алардын ортосундагы шам чырак. |
| 3. | Ачуу – душман, акыл – дос. |
| 4. | Дос тандоо жана дос күтүү адеби. |
| 5. | 21-февраль - эне тил күнү. |
| 6. | Мекенди коргоо – ыйык милдет. |
| 7. | Карылар үйү керекпи? |
| 8. | Суу өмүрдүн булагы. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |
| **I V чейрек (9 саат)** | |
| 1. | Нике жана үй-бүлө. |
| 2. | Пайдалуу кеңештер. |
| 3. | Ата журт, ата мурасы, эне тил, элдин биримдиги – кыргыз элинин баа жеткис байлыгы. |
| 4. | Тамеки чегүү – өмүргө зыян. |
| 5. | Биз кургак учукка каршыбыз! |
| 6. | Ичкилик арты – өкүнүч. |
| 7. | Баңгилик – ыктыярдуу жиндилик. |
| 8. | Мээнет – шашып келип, шашпай кетет, дөөлөт – шашпай келип, шашып кетет. |
| 9. | Класс жетекчинин тандоосундагы сабак. |

## ОКУУЧУЛАРДЫ ИНТЕЛЕКТУАЛДЫК ЖАКТАН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КАРАТА АҢГЕМЕЛЕРДИН (ИШ-ЧАРАЛАРДЫН) БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

### 1-4-класс

1. Дидактикалык, өнүктүрүүчү оюндар.
2. Тогуз кумалак, шахмат, шашки оюндары.
3. Улуттук оюндар (уйкашмак, “сөз-күзгү”, табышмак ж.б.)
4. Билим алууда убакытты туура бөлүштүрүүнүн мааниси.
5. Акылды өнүктүрүүдө тартиптин мааниси.
6. Китеп – билим булагы.

### 5-класс

1. Менин жөндөмүм, шыгым, аны аныктоо маселеси.
2. Энциклопедиялар дүйнөсү.
3. К.К. Юдахиндин сөздүгү, аны менен иштөө.

### 6-класс

1. Менин күчтүү жана чабал жактарым.
2. Мага жаккан эмгектин түрлөрү.
3. Менин кызыккан дүйнөм.

### 7-класс

1. Адамдын дүйнө таанымын терең сырлары.
2. Кумар оюндарынын зыяндуулугу.
3. Өзүн башкарууга кантип үйрөнсө болот.

### 8-класс

1. Талант. Таланттуулукту өнүктүрүү жолдору.
2. Кунт коюу, көңүл буруу, эске тутумду машыктыруу – ийгиликке өбөлгө.
3. Адамдын адептик кемчилигинин тагдырга тийгизген терс таасири.

**9-класс**

1. Адам жана чыгармачылык.
2. Адам менен чын көңүлдөн сүйлөшүүнүн мааниси.
3. Өзүн-өзү башкаруунун жол-жоболору.

**10-класс**

1. Гуманитардык билимди сүйүүнүн мааниси .
2. Менин лингвистикалык жөндөмүм.
3. Табигый-математикалык жөндөмдү өнүктүрүүнүн мааниси.

**11-класс**

1. Позитивдүү ойлонунун жашоодогу ролу.
2. Бийик максатты коюу.
3. Искусство жана эстетикалык идеал.

## ЭКСКУРСИЯНЫН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

1. Ата Мекендин тарыхы. Тарыхый эстеликтер, музейлер.
2. Тарыхта аты калган инсандар.
3. Табияттын көркөмдүгү, сырлары.
4. Биздин өлкөдөгү илимий, экономикалык мааниси бар мекемелер.
5. Кесип тандоого карата экскурсия.
6. Кыргыз жергесинде өсүмдүктөр, жаныбарлар дүйнөсү.
7. Маданий баалуулуктар, мекемелер.

# ӨЗ АЛДЫНЧА ИЗДЕНҮҮНҮН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

Окуучуларга төмөнкү темалар боюнча өз алдынча изденип, докладдарды, рефераттарды дил баянын даярдоо сунуш этилет, алар тарбия сабагында талкууланат.

Адам жана мораль

Коррупция (парага, акчага сатылуучулук, коомдук жана саясый ишмерлерди мамлекеттик кызматтагы адамдарды пара берип сатып алуучулук) – тымызын жарылуучу бомба.

Өлкө сыймыктангыдай жаран болуу.

Гуманизм. Гумандуу кесиптер. Жакшы тилек, өрүштүү ой – жарым ырыс.

Жаман ой – көйгөйдүн булагы.

Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны.

Жашоонун маңызы жана бакыт. Тарыхый инсандар.

Жамандык кылуунун кесепети, жакшылык кылуунун шарапаты.

Милдет. Абийир. Ак ниеттүүлүк. Ар намыс. Достук жана сүйүү.

Моралдык эркиндик жана адептик жоопкерчилик.

Адамдын ички, сырткы сулуулугу, жасалма сулуулуктун зыяны.

Мен дүйнө үчүн, дүйнө мен үчүн жаралган. Табигаттын сырлары.

Эмгектик көндүмгө ээ болгуң келсе, чыдамдуу бол. Чыгармачыл эмгек.

Өз кызыкчылыгыңарды коомдук кызыкчылык менен айкалыштыра билгиле.

Өзүн өзү сыйлоо үчүн эмне кылуу керек?

Жакын адамдардын бактысына камкордук көрүү.

## ВИКТОРИНАНЫН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

Жер шарынын алыскы булуң бурчтары.

Жөнөкөй турмуштан алынган укмуштуу окуялар.

Катаклизмдин (табигаттагы жана коомдук турмуштагы кыйратуучу чоң төңкөрүштүн) табигаты. Экологиялык кризистин зыяны.

Улуу полководецтер жана атактуу солдаттар.

Акылман адамдардын атактуу фразеологиялары (мааниси терең ойлору).

Чыгыш элдеринин салттары.

Мыйзам жана укук.

Жаман адаттан, ойдон, сөздөн кантип кутулууга болот?

Жарнамалык роликтин пайдасы жана зыяны.

Адамдын руху, напсиси деген эмне? Кандай адамдын духу күчтүү болот?

## КООМДУК ПАЙДАЛУУ ЭМГЕКТИН ТҮРЛӨРҮ

1) Класстык кабинетти жабдуу, ремонтко катышуу, терезелерди жылуулоо, гүл өстүрүү, тазалыкты сактоо.

2) Мектептин тегерегин, көчөнү жашылдандыруу, спорт аянтчасын жабдуу.

3) Мектепте радио түйүнүн жүргүзүүгө катышуу, окуу көргөзмөлөрүн даярдоого катышуу.

4) Китепканада эски китептердин мукабаларын жаңыртуу, көркөм өнөр чыгармачылыгында керектүү костюм, жасалга жасоодо катышуу.

5) Мектептин массалык-маданий ишине катышуу.

6) Класста, мектепте, мектептин тегерегинде дежур болуу.

7) Көрсөтмөлөрдү уюштурууда, дубал газета чыгарууга, адабий монтаждоого (текстти топтоого) катышуу.

8) Кенже балдар менен тарбиялык иштерди уюштурууга катышуу.

9) Мектептин ийримдерине, илимий клубдардын ишине катышуу.

10) Суу сактагыч көлмөлөрдү, парктарды, тазалоо, табигатты коргоо.

11) Ишембиликке, жекшембиликке катышуу, металл сыныктарын, кагаз макулатураларын чогултуу.

12) Айыл чарбада түшүм чогултууга жардам берүү, үрөн чогултуу, көчөт отургузуу, айыл чарба зыянкечтерине каршы күрөшүү, жемиш багынын жумалыгын, токой күнүн, канаттууларды коргоо күнүн, түшүм майрамын өткөрүүгө катышуу.

13) Балдар бакчасына жардам берүү, аларга оюнчук жасоо.

14) Улуу Ата Мекендин, эмгектин ардагарлерине жардам берүү.

15) Өзүн өзү тейлөө, өз кийимин өзү жууп, үтүктөө.

16) Шайлоо, референдум сыяктуу саясый, чарбалык иштерге жардам берүү.

## САЯСЫЙ ЖАҢЫЛЫКТАР МЕНЕН ТААНЫШТЫРУУНУН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

Адамдар. Тагдырлар. Тарых.

Континенттердеги, өлкөлөрдөгү жаңылыктар.

Окуялар, мезгил, элдер.

Аргументтер, фактылар.

Өлкөдөгү жумалык жаңылыктар

Маалымдуулук жана анын мааниси.

## ТАРБИЯ ЗАВУЧУНУН АТКАРУУЧУ

## ИШ-ЧАРАЛАРЫ (жыл ичинде)

| Иштөө объектиси | Иш чаралары | Жоопкерчиликтүү |
|---|---|---|
| **Сентябрь** | | |
| Массалык иш<br><br>Класс активи менен иштөө<br><br>Жеке профилактика лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө | Билим күнү.<br>Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу комитетин шайлоо.<br>Ийримдерге жазылуу.<br>Тандоо боюнча курстар.<br>Тарбиялык пландарды бекитүү.<br>Окуучулардын абалын (шыгын) билүү, үйрөнүү (диагностика).<br>Китептерди алуу.<br>Күз-күрөш (түшүм чогултууга жардам).<br>Согуштун, эмгектин ардагерлерине, үй-бүлөгө, кошуна чарбаларга жардам.<br>Класс активи менен иштөөнүн планын түзүү.<br>Вируска каршы күрөш.<br>Мектепте жана | Завуч, класс жетекчилер.<br><br>Ийримдердин, секциялардын жетекчилери<br><br>завуч кл.жетекчилер.<br><br>Класс активи<br><br>завуч |

| | | |
|---|---|---|
| Спорттук секциялык иш | жолдо жүрүнүн эрежелери.<br>Ата-энелер менен балдардын билим күнүн уюштуруу.<br>Ата-энелер чогулушу.<br>Мектептин уставы, укуктук нормативдик документер менен тааныштыруу.<br>Ата-энелер комитетин түзүү.<br>Балдардын мектепте азыктанышы.<br>Окуучулардын ден-соолугуна карата секцияларга жазылуу, күзгү кросс. | Физрук, фельдшер |
| | **Октябрь** | |
| Массалык иш | Мугалимдердин күнү.<br>Экологиялык тарбияга арналган жумалык.<br>Табигый материалдардан жазалган буюмдардын конкурсу.<br>Экологиялык | Завуч<br><br>Завуч<br>Класс жетекчилер |

| | | |
|---|---|---|
| Класс активи менен иштөө<br><br>Жеке профилактика лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө<br><br>Спорттук секциялык иш | долбоорлордун конкурсу.<br>Класстык бурчтардын чыгарылышын көзөмөлдөө.<br>Терезени жылуулоо.<br>Мектепти тазалоо.<br>Сабакка кечигүү менен күрөшүү рейд.<br>Педагогикалык жактан кароосуз калган балдар менен иштөө.<br>Айрым жетим, муктаж балдарга жардам берүү<br>Үйдө жана мектепте жүрүм-турум эрежелеринин сакталышы.<br>Күн тартиби.<br>Футбол боюнча мелдеш. | Класс активи<br><br>Завуч<br><br>Физрук |
| **Ноябрь** | | |
| Массалык иш | Эмгектик тарбия боюнча жумалык.<br>Социалдык абалды оңдоо боюнча окуучулардын долбоорлоруна | Завуч, мугалимдер |

| | | |
|---|---|---|
| Класс активи менен иштөө<br>Жеке профилактика лык иш<br><br>Ата-энелер менен иштөө<br>Спорттук секциялык иш | конкурс.<br>Кыздардын кол өнөрчүлүк конкурсу (тигүү, токуу, сайма, шырдакча, курак).<br>Эркек балдардын кол өнөрчүлүгү боюнча конкурс.<br>Менин кичи мекеним (иш-чара).<br><br>Жашы жете элек өспүрүмдөр (ИДН) инспекциясы менен жолугушуу.<br>Девианттуу (этикалык нормадан четтеген) балдар менен иштөө.<br>Ата-энелердин жоопкерчилиги.<br>Баскетбол боюнча мелдеш. | Класс активи<br><br>Завуч, кл. жет.<br><br>Завуч, ата-энелер физрук |
| **Декабрь** | | |
| Массалык иш | Эң жакшы кабинет (кароо).<br>Жаңы жылга даярдык.<br>өздүк көркөм чыгармачылык конкурсу.<br>Экономикалык | Завуч, класс жетекчилер |

| | | |
|---|---|---|
| Класс активи менен иштөө<br><br>Жеке профилактика лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө<br>Спорттук секциялык иш | тарбияга карата жумалык.<br>Кыш этюду боюнча сүрөт конкурсу.<br>Экинчи чейректин тарбиялык иштердин жыйынтыгын чыгаруу.<br>Деликвенттүү (укуктук нормадан чектеген) балдарга көзөмөл.<br><br>Кышкы каникулда балдардын убактысын пайдалуу иш менен алек кылуу боюнча сүйлөшүү.<br>Шахмат, шашки оюну. | <br><br>Завуч,<br>Класс жетекчилер<br><br>Завуч<br><br><br>Физрук |
| **Январь** | | |
| Массалык иш<br><br><br><br><br><br>Класс активи менен иштөө<br>Жеке | Бош убакытты туура пайдаланууга карата кеңештер.<br>Жашоонун сергек мүнөзү боюнча жумалык.<br>Балалыктын жагымдуу жомоктору.<br>Китептердин | Завуч, мугалимдер<br>Фельдшер<br><br>Завуч, китепканачы<br><br><br><br>Завуч, фельдшер |

| | | |
|---|---|---|
| профилактика<br>лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө<br>Спорттук секциялык иш | абалын текшерүү.<br>Эң жакшы дил баянына конкурс.<br>Алкоголдук ичимдиктин зыяндуулугу.<br><br>Айылдын (кварталдын) балдардын абалын билүү (рейд).<br>Улуттук спортту жандандыруу. | Завуч,мугалимдер<br>Фельдшер<br>Завуч, физрук |
| **Февраль** | | |
| Массалык иш<br><br><br><br><br><br>Класс активи менен иштөө<br><br>Жеке профилактика<br>лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө<br><br>Спорттук секциялык иш | Патриоттук тарбия боюнча жумалык:<br>Афганистан жаңырыгы.<br>Жаш барчындар.<br>Жоокерлер менен жолугушуу.<br>Жаш жоокерлер турниры.<br>Эч ким эч качан унутулбайт.<br>Компьютердик оюндарга берилип кеткен балдарга жардам (рейд).<br>Укук бузууга карата профилактикалык иш, социалдык | Завуч, мугалимдер<br><br><br><br><br><br>Класс активи<br><br><br>ИДН, завуч<br>Социалдык педагог<br>Ата-энелер<br><br>Завуч, физрук |

| | | |
|---|---|---|
| | педагог менен кызматташуу.<br>Патриоттук тарбияга карата жумалыкка ата-энелерди кызыктыруу.<br>Зарница оюну.<br>Кесипке багыт берүү. | |
| **Март** | | |
| Массалык иш<br>Класс активи менен иштөө<br>Жеке профилактика лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө<br>Спорттук секциялык иш | Аялдардын – эл аралык күнү.<br>Гендердик туура саясаттын ролу.<br>Укуктук тарбия боюнча жумалык.<br>Укук коргоо кызматкерлери менен кызматташуу.<br>Күн менен түндүн теңелүүсү. Нооруз.<br>Табияттын ритми менен гармониялуу жашоого үйрөтүү.<br>Ишембилик.<br>Коомдук пайдалуу эмгек.<br>Учетто турган балдар менен иштөө.<br>Баңгилик – бактысыздыкка | Завуч, мугалимдер<br>Укук коргоо кызматкерлери<br>Класс активи<br>Завуч<br>Физрук |

| | | |
|---|---|---|
| | карай жол.<br>Акыл тарбиясына карата чогулуш<br>Теннис боюнча мелдеш. | |
| **Апрель** | | |
| Массалык иш<br><br>Класс активи менен иштөө<br><br>Жеке профилактика лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө<br><br>Спорттук секциялык иш | Аскерче тизилген балдардын машыгуусу боюнча кароо.<br>Рухий тарбияга карата жумалык (адабият, тарых, өнөр чеберчилик ж. б.)<br>Космос күнүнө карата иш-чара.<br>Мектепти тазалоо, жекшембилик.<br>Жаз-жарыш. Бак тигүү, гүл өстүрүү.<br>Ардагерлерге жардам берүү.<br>Туура тамактануу эрежелери.<br>Агрессивдүүлүгү өскөн балдар менен иштөө.<br>Жыныстык тарбияга көңүл бөлүү.<br><br>Окуучуларга кесип тандоо боюнча | Завуч<br>Кл.жетекчилер<br><br>Физик<br><br>Кл.активи<br><br>психолог<br><br>Завуч<br><br>Завуч, физрук |

| | | |
|---|---|---|
| | жардам берүү.<br>Жазгы кросс. | |
| **Май-июнь** | | |
| Массалык иш<br><br><br><br><br>Класс активи менен иштөө<br><br>Жеке профилактика лык иш<br>Ата-энелер менен иштөө<br>Спорттук секциялык иш | Төртүнчү чейректин тарбиялык жыйынтыгын чыгаруу.<br>Эң үлгүлүү окуучу, эң жакшы класс (жыйынтыгы).<br>Акыркы конгуроо.<br>Дене тарбиясына карата жумалык<br>Жайкы каникулду туура өткөрүүгө карата пайдалуу кеңештер.<br>Суицидге каршы профилактика.<br>Майрамдык кечелер.<br>Толеранттулукка үйрөтүүнүн жол-жоболору<br>Волейбол боюнча мелдеш. | |

# КИТЕПКАНАЧЫ ӨТКӨРҮҮЧҮ САБАКТАРДЫН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

## 1-4-класс

1. Балдар үчүн жазылган жомоктор.
2. Элдик фольклор, тамсилдер, табышмактар.
3. Ырлар, аңгемелер, икаялар.
4. Кенже балдарга арналган китептер.

## 5-класс

1. Улуу саякатчылар, алардын ачылыштары.
2. Кыргыздын акындарынын табигаттын сулуулугун сүрөттөшү.
3. Жомоктор дүйнөсү.
4. Үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн этикасы жөнүндө китептер.

## 6-класс

1. Ата Мекенди коргоого арналган поэзиялык эргүү.
2. Укмуштуу окуялар дүйнөсү китептерде.
3. Балдар жазуучулары кимдер, алардын чыгармачылыгы.
4. Менин сүйүктүү китептерим, каармандарым.

## 7-класс

1. Менин Ата Мекенимдин тарыхы (кайсы китептерде).
2. Таланттуу адамдардын турмушу (ЖЗЛ) чагылдырылган китептер.
3. Дүйнөлүк конфессиялар жөнүндө китептер.
4. Китепканада китеп менен иштөөгө үйрөтүү.

## 8-класс

1.Табигат таануу, адам таануу, өзүн таанууга карат китептер.

2. Илимий- популярдуу китептер.

3. Чыныгы турмуштук сабак, аларды кайсы китептен табуугa болот?

4. Маданият таануу, дин таануу дүйнөсү китептерде.

**9-класс**

1. Кыргыздын проза чеберлери.
2. Менин үй-бүлөм сүйгөн адабият.
3. Энциклопедия, сөздүк, маалымдама менен иштөөгө үйрөтүү.
4. Китептердин көргөзмөсү, “Сен сүйгөн китепти танда”.

**10-класс**

1. Поэзияны сүйгөндөр үчүн жакшы китептер жөнүндө маалымат.
2. Ата-бабалардын мурасы, рухий багыты, ыймандуулуктун мааниси китептерде.
3. Кыргыз драматургдары, прозасы, поэзиясы.
4. Тарбиялык мааниси бар чыгармалар.

**11-класс**

1. Дүйнөгө белгилүү классик авторлор.
2. Үй-бүлөлүк мамилелер жөнүндө китептер.
3. Табигаттын сырлары (экологиялык маселелер чагылдырылган китептер).
4. Журналдардын, китептердин көргөзмөсү.

## ТАЛКУУЛАРДЫН, ТЕГЕРЕК СТОЛДОРДУН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

Рухий өнүгүү деген эмне, ал кандайча ишке ашат?
Жаман адаттан кутулуу үчүн эмне кылуу керек?
Бангилик – эң эле жаман түпсүз ор.
Жаман мүнөз күтпө, ал – жаман тагдырдын себеби.

Жакшы адатка көнүк, ал – жакшы мүнөздүн калыптанышынын өбөлгөсү.

Өнүгүү жолу деген кандай, ага адам кандай аракет аркылуу жетет?

Менин келечектеги кесибим. Ар бир кесип ардактуу.

Абийириңди жашыңдан сакта.

Илим, билим – адамдын кубаттуу куралы.

Жер, аалам жана галлактика.

Дүйнөнүн илимий картинасы жөнүндө эмне билесиңер?

Акыркы илимий жаңылыктар.

Табигатты сактоо үчүн эмне кылуу керек?

Адамдар бири-биринен эмнеси менен айырмаланышат?

Идеялардын күрөшү – рухий күрөштүн өзгөчө формалары.

Илим, дин жана адептүүлүк.

Коррупцияга каршы күрөшүүнүн жолдору жана каражаттары.

Мифология жана элдик ишеним.

Оптимисттик дух кантип жаралат?

Пессимизм эмнеден башталат?

Фактылар, статистикалык маалыматтар.

Адам болуу аста-аста, жаман болуу бир паста.

Жакшы деген бир сөз бар кууса жетпейт, жаман деген бир сөз бар кууса кетпейт.

Сенин адептик идеалың.

Тырышчаактык жана өжөрлүк.

Эмгектин, турмуштун этикасы. Эстетика, этика.

Адамдын өмүрүндөгү негизги баалуулуктар.

Көркөм табит жана адабият.

Окуучунун укуктары, жоопкерчилиги.

Мен жашаган дүйнө.

Мен сүйгөн кесип. XXI кылымдагы кесиптер.

Менин сүйгөн – Мекеним.

Биринчи байлык – ден-соолук.

Табияттын сулуулугун сактайлы.

Жарандык милдет.
Ата Мекениңди, тарыхыңды сыйлоо, сүйүү.
Менин өлкөм – Кыргыз Республикасы. Конституция.
Акылмандык жана даанышмандуулук.
Адамды кийиминен таанoccбайт, ишинен таанийт.
Үй-бүлөнү сактап калуунун мааниси.
Улуу адам - улуу тоо сыяктуу.
Маалымат согушуна карата иммунитет деген эмне?

## ОКУУЧУЛАР МЕНЕН ТАЛКУУ УЮШТУРУУГА КАРАТА СУРООЛОР

1. Коомдук аң-сезим деген эмне? Коомдук жерде жүрүм-турум, жакшы-жаман адаттар, алардын пайда-зыяны. Коомчулуктун жакшы-жаман адаты, анын пайда-зыяны. Коом оңолуш үчүн эмне кылыш керек?

2. Эрк, тырышчаактык, аракетчилдик деген эмне, анын пайдасы кандай?

3. Ар бир кесип ардактуу. Сен сүйгөн кесип, өнөр кайсы? Эмне үчүн эмгектенген адамды урматтайт, жалкоолор урмат-сыйдан калгысы келгендерби? Биздин өлкөдө жумушсуз калбаш үчүн кандай кесипти тандаш керек? Иштебегендер жумуш таппай кор болобу?

4. Биздин өлкөнүн саясый абалы, стратегиялык багыты кандай? Өлкөнүн өнүгүшү үчүн силерге кандай билим, аракет, амал керек?

5. Рухий өнүгүү. Жаман ой менен жакшы ойдун айырмасы кандай? Жаман ойдун зыяны. Жаман ойдон кантип кутулуш керек? Рухий өнүгүү болбосо, экономикалык өнүгүү болобу? Рухий өнүгүү үчүн эмне кылуу керек?

6. Жарандык аң-сезим. Башка өлкөнүн жараны болуу жакшыбы же жаманбы? «Бөлөк элдин султаны болгуча өз элиңдин ултаны бол», - деп эмне үчүн айтылган. Сенин чоңойткон козуң башка короого качып кетсе кандай болосуң?

Сенин Ата Мекениң алпештеп чоңойтуп жаткан жарандары аны таштап кете берсе кандай болот?

7. Ийгиликке адам кантип жетишет? «Ийгилик билим, акыл, жүрөк, мээнет аркылуу келет, анын башкы сыры аракетчилдикте, мээримде, берешендикте, кырсык көз аркылуу келет, анын башкы сыры ач көздүктө». «Ийгилик үстүндө пейилиңди тарытпа, иш үстүндө көңүлүңдү иритпе». «Изденүү – ийгиликтин жолу». Эмне үчүн бизде ийгиликке жетишпегендер көп? Өлкөнүн ийгилиги көп болуш үчүн жарандары кандай болуш керек?

## АТА-ЭНЕЛЕРДИН САБАТТУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУНУН МАЗМУНУ

### 1-класс

**1-тема:**

**Баласы 1-класска барган ата-эне эмнени билүүсү керек же кайрадан мектеп партасында.**

**Максаты:** Башталгыч класстагы балдардын өнүгүүсүндөгү психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү менен ата-энелерди тааныштыруу.

Башталгыч мектептеги курак – балдардын интеллектуалдык өнүгүүсүндөгү маанилүү этап. Биринчи жылда ой жүгүртүүнүн негизги багыттарын өзгөртүү. Интеллектуалдык жактан өнүгүүгө балдарга дем берүү. Кенже курактагы балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн калыптандыруунун жолдору. Окуучулардын ишинин негизги түрү: окуу, эмгек, баарлашуу жана оюн. Таанып-билүү процесстерин (кабыл алуу, көңүл буруу, эс тутум) жөнгө салынышы. Окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн, шыгын өнүктүрүүнүн оптималдуу жолдору. Мектепке адаптацияланууга жардам. Стресске дуушар кылган терс сапаттар: кежирлик, негативдүү ой, жүрүм-турумдун өзгөрүшү. Ата-энелердин жүрүм-турумунун стратегиясы.

**2-тема:**

**Кенже мектеп жашындагы инсанды калыптандыруу.**

**Максаты:** Башталгыч класстагы баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен инсандык сапаттарын калыптандыруу ыкмаларын ата-энелерге тааныштыруу.

Кенже мектептик курактагы баланын укугунун корголушу – ийгиликке жетүүгө өбөлгө болуучу нерсе. Өзүн-өзү таануу жөндөмүн жөнгө салуу. Эмгекти сүйүү сапатын калыптандыруу. Баланын өз алдынчалуулугунун өнүгүүсү. Мектепке барган күндөн тарта баланын чөйрөдөгүлөргө болгон өз ара мамилесинин өзгөрүшү. Башкалар менен мамилелешүүдө баланын ички абалы, ою, өзгөрүп жаткан кезде дүйнөнү сезиши. Баланын эмоционалдык дүйнөсүнө, аң-сезиминин калыптанышына теңтуштарынын таасири.

**3-тема:**

**1-класстын окуучуларынын мектепке ылайыкташуу кыйынчылыктары. Кантип аларды чечүү керек?**

**Максаты:** Балдардын мектепке көнүүдөгү кыйынчылыктары менен ата-энелерди тааныштыруу, аларды жоюу боюнча практикалык сунуштар. Биринчи класс – майрам жана стресс. Мектепке көнүүдөгү психологиялык маселелер. Ылайыкташуу мезгилдеги көйгөйлөр: жөндөмдүүлүгүн аныктоо, балдар менен таанышуу, мамиле түзүү, жаңы күн тартибине жана окууга көнүү, жаңы милдеттердин пайда болушу, системалуу эмгек. Мектепке адаптациялануудагы кыйынчылыктарды жеңүү.

**4-тема:**

**Жашоонун сергек мүнөзүнө тарбиялоонун мааниси.**

**Максаты:** Жашоонун сергек мүнөзүн уюштуруу боюнча сунуш берүү, баланын өнүгүшүндө анын ролун, тарбиялоодогу маанисин түшүндүрүү.

Жашоонун сергек мүнөзү түшүнүгү, структуралык компоненттери, анын тарбиядагы мааниси. Окуучунун өз алдынча ишинин, окуу процессинин рационалдуу уюшулбагандыгы, окуу процессин орунсуз интенсификациялоо, окуу

методикасынын балдардын курактык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык эместиги, технологиянын талапка жооп бербегендиги, педагогикалык тактиканын, стрconsidering тандалышы, стресске дуушар болуу, алардын баланын ден соолугуна терс таасири. Ата-энелерге балдардын ден соолугун сактоо боюнча педагогикалык-психологиялык сунуштар. Баланын ден соолугун сактоодо жана чыңдоодо – күн тартибинин орду.

**5-тема:**

**Кенже мектеп окуучусунун негизги ишмердүүлүгүнүн түрү. Ата-энелер балага кантип жардам берүүсү керек.**

**Максаты:** Балдардын окуудагы көйгөйлөрүн белгилөө, балага жардам берүүнү сунуштоо.

Баланын окуучу болуп, жаны социалдык позицияга ээ болууда, окуу ишмердүүлүгүнө катышууда эркти, күчтү, интеллектти талап кылуучу чоң чыналууга дуушар болушу. Жардам берүү максатында ата-энелердин туура стратегиялык багыты, жүрүм-туруму, баланын окуусунда ийгиликтерди жаратышы. Баланын окуусунда ата-энелердин мотивациясынын таасири. Биринчи этапта окуучунун ийгиликтүү окуусун камсыз кылуу. Үй тапшырмасын даярдоодо балага жардам берүү боюнча практикалык сунуштар. Үй шартында баланын таанып билүүчү кызыкчылыктарын колдоого карата ата-энелерге кеңештер.

## 2-класс

**1-тема:**

**2-класстын окуучуларынын ата-энелери эмнелерди билиши керек?**

**Максаты: О**куучулардын өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөр менен ата-энелерди тааныштыруу. Ушул курактагы балдарды тарбиялоо боюнча практикалык сунуштарды берүү.

Балдарды окутууда мотивациянын мааниси. Мугалимге жана теңтуштарына ишенимдүү мамиленин ролу. Окуучулардын жаңыдан пайда болуп жаткан рефлекциясы. Балдардын аракетине жана образдуу ой жүгүртүүсүнө көрсөтмө-багыт

берүүнүн мааниси. Өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышы. Балдар менен иш алып баруудагы, тарбиялоодогу кыйынчылыктар жана аларды чечүүнүн жолдору.

**2-тема:**

**Балдардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү.**

**Максаты:** Балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо, аларды өнүктүрүү боюнча ата-энелерге сунуштарды берүү.

Баланын ички дүйнөсү. Кенже мектеп жашындагы балдардын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөр. Баланын жөндөмүн өнүктүрүү жолдору. Анын өзгөчөлүктөрүнө жараша жекече мамиле жасоо. Балдардын талантын өнүктүрүү жана жетишпеген жактарын компенсациялоо. Баланын адамгерчиликтүү калыптанышына көмөк көрсөтүү.

**3-тема:**

**Инсандык саптаттын калыптануусундагы балалыктын орду. Бала, баланын субъекти.**

**Максаты:** Баланын инсан катарында калыптануусундагы балалыктын мааниси жана орду менен тааныштыруу.

Балалыктын өзүн-өзү сыйлоо сезими. Инсандын үч негизги инсандык касиеттери бала чакта калыптанат: мотивациялык, ыймандык, аракетчилдик. Аталган үч сапаттардын пайда болуу ыраат, инсандык өнүгүүсү, негизинен тарбия менен байланыштуу. Баланын таанып-билүүчүлүк жана инсандык өнүгүүсүндөгү маселелер. Инсандын калыптануусунда мектепте окуган курак эң маанилүүсү болуп саналат. Инсандык өнүгүүнүн эң негизги максаты – туруктуу адептик-рухий оң сапаттардын калыптанышы, өз алдынчалуулукка ээ болуу, көз карандысыздык жана ички эркиндик. Азыркы коомдо инсандык өнүгүүнүн мүмкүн болгон жолдору. Адептик-рухий баалуулуктар, туура багыт тандоо, балдар жамаатында бекем позицияга ээ болушу жана жашоого болгон туура көз карашты калыптандыруу. Бала куракта агрессивдүүлүктүн калыптануу коркунучу. Бала чактагы окуялар.

**4-тема:**

**Кенже класстын окуучусунун өзүн-өзү баалоосу.**

**Максат:** Ата-энелерге окуучунун өзүн-өзү адекваттуу баалоосун калыптандыруу жолдорун үйрөтүү.

Окуучулардын адекваттуу эмес өзүн-өзү баалоонун кесептеттери. Адекваттуу эмес өзүн-өзү баалоонун себептери: тарбиялоонун коомдук стилиндеги кемчиликтери, орунсуз дооматтар, кежирлик, ашкере мактоо, баланын көйгөйлөрүнө кайдыгер мамиле жасоо, баланын ийгиликтерине кош көңүл мамиле кылуу жана башкалар. Окуучунун ийгиликтерин, жетишпендиктерин салыштыруу – өзүн-өзү адекваттуу баалоонун калыптануусундагы негизги факторлор.

**5-тема:**

**Кенже класстын окуучулары менен ата-энелердин ортосундагы мамиле.**

**Максаты:** Балага ишенүүчүлүк менен мамиле жасоо эң негизги маселе экендигине ата-энелердин көңүлүн буруу; бала менен мамиле жасоого сунуштарды берүү.

Окуучунун өнүгүүсүндө ата-энеси менен рухий жакындыктын мааниси, балдар менен ата-энелердин бири-бирине тийгизген таасири. Ата-эне менен баланын ортосундагы мамилелердин типтери: кызматташтык, көз карандысыз, чыгармачылык, конфликтик, авторитардык, бир баалуулукка артыкчылык берилген, үй-бүлөдөгү мамилеге ата-энелердин жоопкерчилиги. Ата-энелердин позициясы. Үй-бүлөдөгү бири-бирине ишеним. Бала менен турмуш-тиричилик көйгөйлөрүн талкуулоо. Бала менен ата-эненин ортосундагы канааттандырарлык мамиле. Маалымат бөлүшүү, демилге берүү, баланын активдүүлүгүн баалоо жана кызыкчылыгы менен эсептешүү, окуу ишмердүүлүгүн жана сыналгыдагы көрсөтүүлөрдү талкуулоо. Ата-энелердин бала менен болгон мамилеси, адептик эрежелер. Бала менен улуулардын сүйлөшүүсүнүн жетишсиздиги жана анын кесепети.

## 3-класс

**1-тема:**

**3-класстын ата-энелери эмнени билүү керек?**

**Максаты:** Үчүнчү класстардын окуучуларынын өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөрү менен ата-энелерди тааныштыруу.

Окуучулардын психологиялык өнүгүшүндөгү өзгөчөлүктөр, көңүл буруусунун туруктуулугу, ылдамдыгы, ойдун топтолушу, кеп маданиятынын жана логикалык ойломунун өнүгүшү, үч түрдүү тапшырма аткаруу жөндөмдүүлүгү: образдык, сөздүк, логикалык (вербалдык); өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгү, жүрүм-туруму жана ички – психологиялык процесстери жана сезимдери. Ата-эне, мугалим, классташтары менен болгон мамиленин оорлошу.

**2-тема:**

**Окуучунун аң-сезиминин абалы жана адамдык сапаты.**

**Максаты:** Окуучулардын аң-сезиминин абалы, «Мен» деген образынын калыптанышы тууралуу ата-энелерге маалымат берүү.

Башталгыч класстын окуучуларынын муктаждыктары. Ийгиликтүү окуучу болууну максат кылуу, өзүн-өзү таанууга багыт алуу, мугалимди, курбуларын, өзүн-өзү билүү, «Мен» образын (идеалын) аныктоо, дүйнөгө жана адамдарга болгон мамилеси. Адептик-рухий абалы – күнүмдүк тажрыйбанын жыйынтыгы. Жүрүм-турум этикасын өздөштүрүү жолдору. Баланын жоопкерчиликтүү болууга жөндөмдүүлүгү.

**3-тема:**

**Биздин балдардын сырдуу дүйнөсү, бала жана көчө.**

**Максаты:** Баланын инсандык өнүгүүсүндө курбуларынын, досторунун ролун аныктоо, алар менен мамиле түзүүгө үйрөтүүгө карата ата-энелерге сунуштарды берүү.

Башталгыч класстагы баланын жашоосунда достордун, жолдошторунун, мааниси. Теңтуштары менен мамиле түзүү өзгөчөлүктөрү. Алардын, өзүнүн топтогу ордун баамдоо. Коллективдеги белгилүү жана белгисиз балдар. Баланын ишке шыктуулугу, шыксыздыгы. Кызматташуунун ыңгайлуулугу жана ыңгайсыздыгы. Теңтуштардын балага канааттандырарлык жана канааттандырарлык эмес (б.а. оң жана терс)

таасири. Жалгыздыктын оң, терс жагы. Баланын дос тандоодогу кыйынчылыктары. Ата-эненин жүрүм-турум стратегиясы: адептүүлүк, туура мамиле түзүү, аны түшүнүү жана жардам берүү.

**4-тема:**

**Үй-бүлөдө тарбиялоонун ыкмалары. Үй-бүлөдөгү жазалоо жана мактоо, анын жакшы жана жаман жактары.**

**Максаты:** Үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо оптималдуу ыкмаларды тандоо.

Тарбиялоо ыкмаларын классификациялоо: ынандыруу ыкмасы, жакшы жүрүм-турумга көнүктүрүү ыкмасы, сезимтал жана эрктүү болууга тарбиялоо, дем берүү ыкмасы, мактоо, жазалоо ж.б. ыкмалары. Өзүн-өзү өнүктүрүү, баалоо, көзөмөлдөө, тарбиялоо. Үй-бүлөлүк тарбияда оптималдуу ыкманы кантип тандоо керек? Үй-бүлөдөгү тарбиялоо ыкмаларын тандоо боюнча кеңешүү.

**5-тема:**

**Үй-бүлөлүк тарбиядагы эзелтеден келе жаткан каталар.**

**Максаты:** Үй-бүлөлүк тарбияда кетирген каталарды билүү, алардын алдын алуу жана жоюу жолдорун сунуштоо.

Үй-бүлөлүк тарбиялоодогу катачылыктар: "жакшы көрбөйм" деп айтуу, мээримдин жетишсиздиги, ашыкча катуу тартип; псевдо-принциптер, «баланы эркелетпөө керек», «көп акча – жакшы тарбия», «наполеондук пландар», анын ролун артыкча баалоо, андан көп нерсе күтүү, сиздин терс маанайыңыз, баланы тарбиялоого болгон убакыттын аздыгы. Эске тутуму, кеби өнүкпөгөн, кунт коюусу начар, инфантилдүү ж.б. балдар менен иштөөнүн жетишсиздиги. Үй-бүлөлүк тарбиялоодогу катачылыктарды жоюу менен мектептеги көйгөйлөрдү азайтуу.

## 4-класс

**1-тема:**

**4-класстын ата-энеси эмнени билиш керек?**

**Максаты:** 4-класста окуган окуучулардын өзгөчөлүктөрү менен ата-энелерди тааныштыруу; ата-энелердин жүрүм-турумунун стратегиясын аныктоо. 4-класстардын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүгүн билүү, интелекттин, интуициясын өнүктүрүү.

Билимге шыктандыруу, өзүн-өзү адекватуу баалоо, өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнүн өзгөрүлүшүн түшүнүү. Ата-энелерден көз каранды эмес болуп, өз алдынча билим алуунун маанисин түшүнүү.

4-классынын окуучулары бирге окуган балдарга караганда чоң адамдар менен сүйлөшүүнү артык көрүшөт. Баланын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүлүштөрүн жана дүйнөгө болгон мамилесин түшүнүү. Ата-энелерден көз каранды эместигин түшүнүү. Эмоционалдык абалына таасир эте турган факторлор: сабактагы ийгиликтери, мугалимдер менен болгон мамилеси, теңтуштарынын өз ара ишкердик жана жеке мамилелери, өз жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу даражасы. Социалдык карым-катнаштын жаңы башталышы: балдар чоңдордун дүйнөсүн баалап, анын эрежелерин өспүрүмдөрдүн дүйнөсүнө которот.

Балдардын организминдеги физиологиялык өзгөрүүлөрү алардын дүйнөгө, чөйрөгө мамилесине жана кабыл алуусуна таасири. Ата-энелердин милдети, балдардын ички дүйнөсүндөгү тынчтыкты сактоо, алар менен улуу дос жана насаатчы болуу.

**2-тема:**

**Башталгыч класстарда окуган окуучулардын бош убактысын туура уюштуруу.**

**Максаты:** Балдардын бош убактысында ата-энелер менен бирге эс алуусун уюштуруу жана аракеттин башка жолдорун аныктоо.

Балага убакытты максаттуу жана пайдалуу өткөргөнгө багыт берүү, убакытты үнөмдөөнүн жолдорун үйрөтүү, күн тартибин так аткаруу; маалымат берүүчү оюндарды уюштуруу, шыгына жараша кошумча сабактарды туура тандоого

дем берүү; жакшы көргөн сабагын тереңдетип окууга дем берүү, сыналгыны, магнитофонду жана башка техникалык каражаттарды пайдалуу колдонуу.

Ата-эне менен баланын чогуу дем алуусунун формалары: биргелешкен интелектуалдык, чыгармачыл эмгек, спорттук ишмердүүлүк, биргелешкен кыймылдуу жана ролдоштурулган оюндар ж.б.

**3-тема:**

**Сыналгы жардамчыбы же душманбы?**

**Максаты:** Өспүрүм балдарга сыналгынын позитивдүү же негативдүү таасир этишин ачыктоо.

Башталгыч класстын окуучуларынын тарбиясына сыналгынын таасири. Сыналгыдагы телекөрсөтүүлөрдү туура тандоого багыт берүү. Балдар менен чогуу сыналгы көрүү жана аны талкуулоо, балдарды жакшы тарбиялаганга аны менен тыгыз байланышта болуу. Сыналгыдан көз карандылыктын зыяндуулугу.

**4-тема:**

**Баланын курдаштары менен болгон мамилеси.**

**Максаты:** Баланын жашоосуна коллективдин ролу жөнүндө түшүнүк берүү.

Балага коллективизмдин маанисин түшүндүрүү. Кыздын (баланын) коллективде өзүн ыңгайлуу сезиши. Өзүн-өзү таануу жана өз алдынчалуулук. Лидерликтеги кыйынчылыктарды жеңүүгө кантип жардам берүү керек? (Баланын курбулары менен болгон мамилесине көз салуу; бала менен курбуларына биргелешкен оюндарды уюштуруу. Баланы тарбиялоодо болгон көйгөйлүү суроолорду мугалим менен талкулоо).

**5-тема:**

**Башталгыч класстын окуучусу менен чоңдордун диалогунун дүйнө таануу жөндөмдүүлүгүнө жана өзүн-өзү түшүнүүгө таасири.**

**Максаты:** Башталгыч класстагы окуучу менен диалог уюштурууну ата-энелерге сунуш кылуу.

Үй-бүлөдөгү педагогикалык диалог (маектешүү) баланын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, дүйнөнү, адамдарды түшүнүүгө жана өзүн-өзү түшүнүүгө өбөлгө болушу.

**5-класс**

**1-тема:**

**Өспүрүмдүн курак-өзгөчөлүктөрү.**

**Максаты:** Ата-энелерди 11-12 жаштагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу, өспүрүмдүн өзүн-өзү таанууда «Мен» образынын калыптануусуна ата-энелердин тийгизген таасири.

11-15 жаштагы балдардын психологиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү, баалуулуктары. Коомдук мамилелер. Өспүрүмдөрдүн өз ара баарлашуу өзгөчөлүктөрү. Коомдук иштерге катышуу. Өспүрүмдөрдүн «Мен» образынын калыптанышы. Өзүн-өзү таануусу, жүрүш-туруш өзгөчөлүктөрү.

**2-тема:**

**Окуучунун эс тутумун жана көңүл буруусун өнүктүрүү.**

**Максаты:** Ата-энелерди өспүрүмдүн көңүл буруусундагы көйгөйү, эс тутумдун негизги маселелери менен тааныштыруу.

Көңүл буруунун табияты. Окуучунун көңүл буруусун жакшыртууга зарыл болгон шарттарды түзүү. Эске тутуу өспүрүмдүн психикалык ишмердүүлүктүн негизи катары. Эске тутуунун түрлөрү. Кыска мөөнөттүү, узак мөөнөттүү, ыкчам жана орто эске тутуу. Унутуу деген эмне? Эске тутуу жагдайлары.

**3-тема:**

**Өспүрүмдөрдүн темпераментинин өзгөчөлүктөрү.**

**Максаты:** Ата-энелер менен окуучу-өспүрүмдүн темпераментинин өзгөчөлүктөрүн талкуулоо; класстагы окуучулардын темпераменти. Темперамент – адам баласынын табигый өзгөчөлүгү. Темпераменттин түрлөрү: холерик, сангвиник,

флегматик, меланхолик. Темпераменттин окууда жана эмгектеги ролу. Темпераменттин жумуштун талаптарына ылайыкташуусу.

**4-тема:**

**Окуучунун жүрүм-турумун оңдоого шыктандыруу.**

**Максаты:** Балдардын жүрүм-турумун оңдоого шыктандырууда кездешкен көйгөйлөр менен таанышуу; окуучунун жүрүм-турумунун оңолушунун билимдеги жетишүүсүнө тийгизген таасирин түшүндүрүү.

Өспүрүмдүн рухий жана адеп-ахлагынын абалы. Негизги керектөөлөрүн канааттандыруу абалын диагноздоо. Ашыкча керектөөчүлүктүн зыяны. Жүрүм-турумун оңдоого коюлуучу талаптар. Жүрүм-турумун оңдоого түрткү болуучу мотивация.

**5-тема:**

**Өспүрүмдүн өзүн-өзү таануусун калыптандыруу.**

**Максаты:** Ата-энелерди окуучунун өзүн-өзү таануу өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу; окуучунун өзүн-өзү таануусуна үй-бүлөнүн тийгизген таасири.

Сезим жана анын касиеттери: мамиле түзүү, кыжалат болуу жана билимге умтулуу. Сезим жана коомдук байланыштар. Өзүн-өзү таануу – акыл-эстин өнүгүшүнүн зарыл шарты. Өзүн-өзү таануунун кадамдары. Адамдар арасындагы өз ара байланышуу аркылуу өзүн-өзү таануу.

## 6-класс

**1-тема:**

**Алтынчы класстын окуучуларынын эркин калыптандыруу.**

**Максаты:** Окуучулардын эркин калыптандыруу менен ата-энелерди тааныштыруу.

Эрк ички жана тышкы тоскоолдуктарды жеңүү менен байланышкан адамдын сапаты. Эрктин сезим, ниет, ой менен байланышы. Эркти көрсөтүү. Өспүрүмдүн эркин тарбиялоонун эрежелери. Окучуунун жөнөкөй жана татаал эрктүү аракети. Комплекстүү татаал эрктин этаптары: ой, сезим жана максатка

жетүүнү каалоо; ага жетүү мүмкүнчүлүгү; мотивациянын пайда болушу; чечим чыгаруу; тоскоолдуктардан өтүү менен ийгиликке жетүү.

**2-тема:**

**Окуучунун мүнөзүн тарбиялоо.**

**Максаты:** Окуучунун мүнөзүн тарбиялоодогу ата-энелердин көйгөйлөрү менен тааныштыруу.

Өспүрүмдүн мүнөзү менен адамгерчилик сапаттын байланышы. Темперамент менен мүнөздүн байланышы. Адеп-ахлагынын өзгөчөлүктөрү. Жакшы мүнөздүн тагдырга таасири.

**3-тема:**

**Өспүрүмдүн өзүн-өзү көзөмөлдөөсү.**

**Максаты:** Ата-энелер менен биргеликте өспүрүмдүн өзүн-өзү көзөмөлдөөсүнө көңүл бөлүү.

«Мен» - концепсиясы аркылуу өзүн-өзү таануу, көзөмөлдөө түшүнүгү. Өзүнүн ордун табуу – негизги маселе. Өспүрүмдүн коомго аралашуусуна өзүн-өзү көзөмөлдөөнүн тийгизген таасири. Ата-энелердин ортосундагы мамилелердин таасири, курдаштары ичинде ээлеген орду, өспүрүмдүн өзүн-өзү көзөмөлдөөгө мугалимдердин катышы. Окучуунун ийгиликтери менен кемчиликтери, жетишкендиктери, аларга көзөмөлдүн таасири.

**4-тема:**

**Өзүнө ишенбеген балдар менен өз ара иштешүү.**

**Максаты:** "Өзүнө ишенбеген балдар" категориясынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө баштапкы түшүнүк берүү; өзүнө ишенбеген балдар менен иштөө ыкмалары менен ата-энелерди тааныштыруу.

«Өзүнө ишенбөө» жана «ишенбестик» жөнүндө түшүнүк берүү. Баладагы өзүнө, башкага ишенбестиктин келип чыгышынын себептери. Өзүнө ишенбеген балдарга кандай жардам көрсөтсө болот?

**5-тема:**

**Үй-бүлөлүк баалуулуктар боюнча балага багыт берүү.**

**Максаты:** Баалуулуктарды, туура багытты тандодо үй-бүлөнүн ролу.

Үй-бүлө чакан коомдук топ катары. Үй-бүлөдөгү карым-катнаш жана анын балага тийгизген таасири. Бала менен тыгыз байланышта болуу – үй-бүлөнүн тарбия берүүдөгү зарыл шарты. Ата-энелердин балага болгон мамилеси. Үй-бүлөдөгү адеп-ахлактык негиздер. Бала – үй-бүлөдүгү негизги баалуулук. Үй-бүлөдөгү сылык мамиле. Баланын психологиялык абалы. Үй-бүлөдөгү эмгек тажрыйбалары. Өспүрүмдү эмгекке үйрөтүү. Маданияттын үй-бүлөдөгү орду. Үй-бүлөдөгү идеалогиялык баалуулуктар.

## 7-класс

**1-тема:**

**Балдардын үй-бүлөдөгү тарбиясы.**

**Максаты:** Өспүрүмдү үй-бүлөдө тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү жөнүндө талкуулоо.

Үй-бүлө коомдук институт катары. Өспүрүмдү тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу. Үй-бүлөнүн негизги милдеттери: тукум улоо, тарбиялоо, тиричилик кылууга үйрөтүү, ата-бабалардын маданиятын калыбына келтирүү ж.б. Үй-бүлөнүн тарбия берүү мүмкүнчүлүктөрү жана натыйжалуу тарбия берүү себептери. Үй-бүлөдө бири-бирине урматтоо жана аяр мамиле жасоонун мүнөздөмөсү. Эненин, атанын ж.б. үй-бүлө мүчөлөрүнүн тарбия берүүдөгү таасири. Өспүрүмдөрдү үй-бүлөдөгү эмгек, каржы, тиричилик маселелерине кошуу. Аз камсыз болгон үй-бүлөдө өспүрүмдү тарбиялоо. Орто камсыз болгон үй-бүлөдө тарбия берүү. Толук камсыз болгон үй-бүлөдө тарбия берүү. Үй-бүлөдө тарбия берүүнүн түрлөрү: демократиялык, авторитардык, либералдык.

**2-тема:**

**Өспүрүмдү коомдун жашоосуна аралаштыруу.**

**Максаты:** Өспүрүмдү коомго аралаштырууда маселелер менен ата-энелерди тааныштыруу жана талкуулоо.

Коомдун саясатынын өспүрүмгө тийгизген таасири. Чөйрөнүн жашоого, адамдын жүрүм-турумуна, ой жүгүртүүсүнө тийгизген таасири. Коомдун тажрыйбасын өздөштүрүү. Курдаштары жана адамдар менен мамиле түзүү байланыш эрежелерин иштеп чыгуу. Коомдогу баланын орду. Регресс жана прогресс жолундагы коомдун ролу.

**3-тема:**

**Өспүрүмдөрдүн арасындагы байланыш.**

**Максаты:** Өспүрүмдөрдүн арасындагы психологиялык-педагогикалык байланыштын өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

Коомдогу позитивдүү баарлашуу – коомдук прогресс катары. Коомдун ичиндеги баарлашуунун кыйынчылыктары. Өспүрүмдөр ортосундагы чыр-чатак, анын келип чыгыш себептери. Чыр-чатакты алдын алуу жана аны жоюу. Өспүрүмдөр ортосундагы байланыш кызыкчылыктарын актуалдаштыруу. Жолдоштук жана достук мамилелер. Өспүрүмдөр арасындагы башкаруу. Романтикалык карым-катнаш.

**4-тема:**

**Агрессивдүү бала - көйгөйдүн себептери. Зордук-зомбулук жана анын баланын өнүгүүсүнө тийгизген терс таасири.**

**Максаты:** Агрессиянын келип чыгышынын себептерин түшүндүрүү.

Баланын агрессивдүү жүрүм-турумуна орунсуз жазалоонун тийгизген таасири. Зордук-зомбулукка жөндөмдүү бала. Агрессивдүү балдардын көйгөйү, жан-дүйнөсү. Баланын жүрүм-турумун көзөмөлдөө, алар менен иштөө. Баланы зордук-зомбулуктан коргоо.

**5-тема:**

**Өспүрүмдүн көйгөйлүү жүрүш-турушу.**

**Максаты:** Өспүрүмдөрдүн жүрүш-турушунун карым-катнашынын көйгөйүн талкулоо жана аны жоюу жолдорун аныктоо.

Өспүрүмдөрдүн көйгөйлүү жүрүм-туруму. Жетинчи класста окуган окуучулардын акыл-эсине (ата-энелердин) спирт ичимдигинин тийгизген таасири. Ичимдикти ичүүнүн себептери. Тамеки жана бангизат. Бангиликтин себептери. Зыяндуулугу. Бангиликтин алдын алууда ата-эненин ролу.

**8-класс**

**1-тема:**

**Үй-бүлөлүк рухий баалуулуктар.**

**Максаты:** Азыркы үй-бүлөнүн рухий баалуулуктарын кароо, ата-энелер менен өспүрүмдүн рухий жакындыкты калыптандыруунун жолдорун талкуулоо.

Заманбап үй-бүлөнүн баалуулуктар системасы. Үй-бүлө коомдук тажрыйбаны, акылмандыкты жана коомдук баалуулуктардын ташуучусу катары. Баланын мыкты сапаттарын жана мүнөзүн ачууда үй-бүлөдөгү мамилелердин таасири. Үй-бүлөнүн рухий биримдиги. Үй-бүлөлүк баалуулуктарды сактоонун негизги көрсөткүчү. Кризис жана үй-бүлөнүн рухий пайдубалын кайрадан жандандыруу жолдору. Үй-бүлөнүн рухий баалуулуктарын түзүүдө диндин ролу. Үй-бүлөнүн мамлекеттик саясаты.

**2-тема:**

**Чыр-чатактар жана аларды чечүү жолдору.**

**Максаты:** Ата-энелерди чыр-чатактын келип чыгыш көйгөйлөрү менен тааныштыруу жана чыр-чатактарды чечүү жолдорун аныктоо.

Чыр-чатак – кагышуу, талаш-тартыш катары. Чыр-чатактын типологиясы: таанып билүү (оппозициялык көз караш), жеке адамдын жана топтор аралык жана коом ортосундагы өз ара чыр-чатак. Ички чыр-чатак. Чыр-чатак учурундагы стратегия: туруктуулук, сабырдуулук, толеранттуулук мамилени талкуулоодон качуу, ылайыкташуу же ийкемдүү мамиле түзүү, компромисске жана кызматташтыкка баруу. Чыр-чатакты чечүүдө ата-эненин абалы.

**3-тема:**

**Үй-бүлө менен мектептин кызматташтыгы.**

**Максаты:** Ата-энелери менен мектептин ортосунда кызматташтыкты уюштуруу жолдорун талкуулоо.

Үй-бүлөлүк жана коомдук тарбия. Үй-бүлө менен мектептин негизги максаты. Үй-бүлөдөгү тарбиялоо жолдору: үй-бүлөдөгү гуманизм, билим берүү, физикалык жана психикалык соолукка кам көрүү. Атуулдук, жарандык, адептик аң-сезимдүүлүктүн өнүгүшүнө камкордук. Үй-бүлөлүк тарбиянын каталары жана көйгөйлөрү. Ата-энелерге мектептин жардамы. Мектептеги жана класстагы ата-энелер комитетинин ролу, Мектепке көмөк көрсөтүү боюнча ата-энелерге сунуштар. Кызматташтыктын негизги түрлөрү: ата-энелер менен балдардын биргелешкен эмгеги, мектептин ишине катышуу, коллективдик экскурсиялар ж.б.

**4-тема:**

**Ата-эне менен баланын мамилеси.**

**Максаты:** Ата-энелер менен балдардын ортосундагы мамилелердин түрлөрүн талкуулоо.

Баланын адеп-ахлактык сапаттарын, акы-эсин өнүктүрүүдө эненин ролу. Тартиптүү жана өз алдынча болууга атанын ролу. Ата-эненин мээрими. Ата-эненин бири-бирине болгон мамилеси жана анын баланы тарбиялоодо тийгизген таасири. Туруктуу үй-бүлөлүк мамиледе тарбиялоо. Балдардын арасындагы атаандаштык, анын келип чыгыш себептери. Ата-эне менен баланын ортосундагы негизги карым-катнаш: «оптималдуу аралык» (сыйлоо), «кыскартылган аралык» (кошулуу), «узартылган аралык» (алыстоо). Байланыш стилдери: авторитардык, демократиялык, досук.

**5-тема:**

**Сабырдуу өспүрүмдү тарбиялоо.**

**Максаты:** Сабырдуу өспүрүмдү калыптандыруудагы маселелер менен ата-энени тааныштыруу.

Сабырдуулуктун мааниси жана түшүнүгү. Коомдогу сабырдуулук жана анын мүнөздөмөсү; сабырсыздык жана анын пайда болушу. Сабырдуулуктун чеги: сабырсыздык

жана анын түрлөрү. Сабырдуу инсандын образы. Сабырдуу адамды тарбиялоодо таасир этүүчү жагдайлар. Сабырдуулукту тарбиялоонун ыкмалары. Сабырдуулукту тарбиялоодо ата-эненин ролу. Инсандын сабырдуулук сапатын тарбиялоодо үй-бүлөнүн таасири.

## 9-класс

**1-тема:**

**Өспүрүмдүн баарлашуу маданияты.**

**Максаты:** Өспүрүмдү баарлашуу маданиятына тарбиялоо маселесин талкуулоо; баарлашуу маданиятына тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролун аныктоо.

Достор, жакын адамдар, кошуналар, ата-энелер менен өз ара ара баарлашуу. Өз ара баарлашуунун максаты – жакшы мамиле түзүү жана туугандык сезимдерди сактоо. Таанышуу, достошуу, жакшы мамиледе болуу. Коомдук чөйрө. Баарлашуучу чөйрөлөр: өзү менен тең курбулары, жашы кичине жана улуу адамдар. Курбулук баарлашуу. Өспүрүмдүн баарлашуусунун мазмуну. Үйдө (ички) жана сырткы баарлашуу. Сүйлөө – байланыштын негизи каражаты катары. Сүйлөшүү маданияты. Жаргондук сөздөр. Баарлашуунун тармагындагы кризис. Курдаштары менен баарлашуунун жолдору. Чоңдор менен ишенимдүү байланыш.

**2-тема:**

**Келишим жолу же кантип чыр-чатакты чечүү мүмкүн.**

**Максаты:** Чыр-чатактын келип чыгыш көйгөйү менен ата-энелерди тааныштыруу; чыр-чатакты чечүү боюнча кеңештер.

Чыр-чатак – бири-бирине дал келбеген пикирлердин, көз караштын, ынанымдын, ишенимдин кагылышуусу. Инсандардын карама-каршы багыты, жагымсыз мамилелери. Чыр-чатактуу абал. Өспүрүмдөрдүн ортосундагы, мугалим менен окуучунун ортосундагы, ата-эне менен балдарынын ортосундагы чыр-чатактардын негизги себептери. Кызыкчы-

лыктардын кагылышуусу. Чыр-чатактарды алдын алуунун негизги эрежелери. Чыр-чатакты чечүү жолдору.

**3-тема:**

**Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо.**

**Максаты** Өспүрүмдөрдү мекенчилдикке тарбияллодо үй-бүлөнүн ролун түшүндүрүү.

Мекенчилдик бул – өз өлкөсүн сүйүү, элинин жетишкендиктери үчүн сыймыктануу, ата-журтка берилгендик. Үй-бүлөдө мекенчилдикке тарбиялоо. Өспүрүмдүн бүгүнкү билими, көркөм жана эстетикалык табити, тажрыйбасы, чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, өлкөнүн эртеңки пайдасы үчүн жигердүү кызмат өтөөгө керек. Саясий жана коомдук уюмдарга катыштыруу. Намыс, абийир жана кайрат. Адамдарга урматтуу мамиле.

**4-тема:**

**Өспүрүмдөрдүн эстетикалык маданиятын өнүктүрүү.**

**Максаты:** Өспүрүмдүн эстетикалык өнүгүүсүн талкуулоо жана ата-эненин ролун аныктоо.

Эстетикалык маданият, эстетикалык баалуулуктар. Эстетикалык табиттин, жан дүйнөнүн сулуулугунун баарлашуудагы орду. Элдин эстетикалык маданияты менен жалпы адамзаттын маданиятынын байланышы. 14-15 жаштагы өспүрүмдүн көркөм жана эстетикалык кабыл алуусу, тажрыйбасы, чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү. Өспүрүмдөрдүн эстетикалык баалуулуктарга багыт алуусу, кызыгуулары, талаптары, идеалы жана анын ички маданиятынын калыптануусуна таасири. Өспүрүмдөрдүн эстетикалык маданиятын өнүктүрүүдө ата-эненин, үй-бүлөнүн ролу.

**5-тема:**

**Шыктандыруу жүрүм-турумду жөнгө салуучу катары.**

**Максаты:** Өспүрүмдү шыктандыруу менен ата-энелерди тааныштыруу, окуучунун билим алуусуна шыктандыруунун тийгизген таасирин талкуулоо.

Шыктандыруу – адамдын жашоосунун татаал, көп баскычтуу иш-аракети катары. Шыктандыруу – баланын ниетин, кызыкчылыктарын, идеалын, умтулууларын, сезимдерин ойготуучу система катары. Муктаждык жана аны канааттандыруу. Шыктандыруу, иш-аракет кылууга түрткү болуу. Өспүрүмдүн шыктандыруу чөйрөсү. Негизги керектөөлөрүн канааттандыруу даражасын диагноздоо.

## 10-класс

**1-тема: Жогорку класстын окуучуларынын психологиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү.**

**Максаты:** Жогорку класстын окуучусунун психологиялык өзгөчөлүктөрү менен ата-энелерди тааныштыруу.

Психологияда жана педагогикада инсан жөнүндөгү түшүнүк. Жогорку класстын окуучусунун өзгөчө кулк мүнөзү. Инсандын өнүгүүсү; жогорку класстын окуучусунун өнүгүүсүндөгү өзгөчүлүктөр; акыл-эсинин калыптанышы; кесиптик кызыкчылыгынын, мүмкүнчүлүгүнүн шайкештиги, келечектеги багытын, кесибин жана жашоо жолун өзү аныктоо.

**2-тема:**

**10-класстын окуучуларынын баалуулуктары, багыттары.**

**Максаты**: Жогорку класстын окуучуларынын баалуулуктары, багыттары жана аларды өнүктүрүүнүн жолдору менен ата-энелерди тааныштыруу. Окуучулардын коомдук-маданий баалуулуктары, багыттары. Болжолдоо, тандоо эркиндиги, чыгармачылык, эвристика, өз алдынча аныктоо, азыркы учурдагы окуучулардын жемкордук мамилесин өзгөртүү. Жалпы адамзаттык, улуттук баалуулуктарды өздөштүрүү менен бул баалуулуктарды коргоо.

Философияда жана педагогикада "баалуулук" деген түшүнүктүн аныктамасы жана мазмуну. Азыркы коомдо адамзаттык баалуулуктарга: теңдик, эркиндик, демократия, тилектештик, маданий көп түрдүүлүк ж.б. кирет. Азыркы

мектеп окуучуларынын экологияга берген баасы. Материалдык жана рухий баалуулуктарга тең салмактуулук.

**3-тема:**

**Жогорку класстын окучуларынын өзүн-өзү таанууда үй-бүлөнүн ролу.**

**Максаты:** 10-класстын окучуларынын турмушунда ата-эненин жетекчилик ролун тааныштыруу.

Жетилип жаткан өспүрүмгө үй-бүлөлүк билимдин ролу. Үй-бүлөнүн коомдук-маданий тажрыйбасы. Өспүрүмдүн алдында үй-бүлөнүн милдеттери. Өспүрүмгө үй-бүлөлүк билим берүүнүн өзгөчөлүктөрү. Ата-энелер менен өспүрүмдөрдүн ортосундагы чыр-чатакты жоюу. Бойго жеткен балдардын өзүн-өзү таанууга, турмушта ордун таап кетүүсүнө, ата-эненин колдоосу.

**4-тема:**

**Балдардын жашоо жагдайлары. Жогорку класстын окуучуларынын арасындагы кесиптик багыт.**

**Максаты:** Ата-энесинин колдоосу менен окуучунун жашоосун камсыз кылуучу кесибин аныктоо. Үй-бүлөдө эмгекке үйрөтүү – болочок кесиптик ийгилигинин негизи. Баланын шыгы, жөндөмү, аракети, билими, тааным чөйрөсү, потенциалы ж.б. жана кесиби.

**5-тема:**

**Окуучуларды тарбиялоонун стилдери жана ыкмалары.**

**Максаты:** Окуучуларды билимге тарбиялоонун ар түрдүү моделдери менен ата-энелерди тааныштыруу.

Ата-энелердин авторитардык (башкаруу) стилин азайтуу, жекече иш алып баруу, балдардын аброюн көтөрүү. «Курбунун ролун ойнобостон, чыныгы дос болуу» принцибин карманyу. Үй-бүлөнүн ынтымагын бекемдөө.

**11-класс**

**1-тема:**

**Стресс - адамдын жагдайга дуушар болгону эмес, анын кырдаалдан чыгып кетишине өбөлгө.**

**Максаты:** Ата-эненин көңүлүн стрессти туура кабыл алууга буруу. Теманын негизги түшүнүктөрү: стресс, дистресс, стресске каршылык көрсөтүү, баалуулуктар. Психологиялык соолук. Стресске каршы турууга зарыл болгон сапаттар. Турмуштук оор жагдайлар (таарынуу, бирөөнүн башкаруусуна баш ийүү, ата-эненин ажырашуусу, жакын адамын жоготуу) жана стрессти башкаруунун жолдору. Өз ресурстарын издөө; оор жагдайларды жана өзүн-өзү баалоо. Кыйынчылыктан чыгып кетүүнүн, маселелерди чечүүнүн жолдорун табуу.

**2-тема:**

**Балдардагы "жоопсуз сүйүүдөн" кутулуу жолдору.**

**Максаты:** Ата-энелерди балдардын алгачкы сүйүүсүнө карата оң маанайда болууга даярдоо.

"Сүйүү" деген түшүнүктүн көп маанилүүлүгү жана татаалдыгы: Ата Мекенине, энеге, музыкага, кызга, жигитке, өзүнүн ишине болгон сүйүүсү. Турмуштун философиясындагы сүйүү категориясы. Өспүрүм курактагы сүйүү жана достук. Жетилген курактагы сүйүү жана достук. Өспүрүм курактагы сүйүүнүн өзгөчөлүктөрү. Чыныгы сүйүүнүн негизги өзгөчөлүктөрү. Сүйүүдөгү жүрүм-турум маданияты. Сүйүү адамдын руханий жөндөмдүүлүгүн байытат жана бактылуулуктун бир булагы болуп саналат.

**3-тема:**

**ЖРТ сынак мөөнөтүндө окуучуларга жардам көрсөтүү.**

**Максаты:** Сынак учурунда бүтүрүүчү балдарга психологиялык колдоо көрсөтүүгө алдын ала ата-энелерди даярдоо.

Жогорку класстын окуучуларына ата-энелер тарабынан билим берүүдө дидактикалык жактан жардам, педагогикалык колдоо көрсөтүү. Билим берүү процессиндеги өз ара аракеттенүү (ата-энелер, балдар жана мугалимдер). Билим берүүдө ата-энелер менен мугалимдердин кызматташтыгы. Экзаменди ийгиликтүү аякташы бүтүрүүчүлөрдүн турмушта

жолун таап кетүүсүнө жана кесипти туура тандоосуна түрткү болот.

**4-тема:**

**Үй-бүлөдө мыйзамды сыйлоону, жарандык аң-сезимди жана мекенчилдик сезимдерди өнүктүрүү.**

**Максаты:** Ата-энелерди жарандык аң-сезимди жана мекенчилдик сезимдерди өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

Тарбиялоонун жаран таануудагы идеялары. Мыйзамга туура келбеген иштер боюнча профилактикалык аракет. Ата Мекендин алдында жарандык милдет жана адам укугу. Мекенди сүйүү үй-бүлөлүк тарбиядан башталат.

**5-тема:**

**Балдардын жашоо жагдайлары. Зээндүү, таланттуу, зирек балдар менен үй-бүлөдө иштөө.**

**Максаты:** Жогорку класстын окуучусуна турмушта жолун таап кетүүгө жана интеллектин, интуициясын өнүктүрүүгө ата-энесин тааныштыруу.

Үй-бүлөдөгү эмгек, китеп окуу, изденүү, мурункулардын тажрыйбасын үйрөнүү, системага салынган эмгек рыногунун талаптарын билүү ж.б. – болочок кесиптик ийгиликтин негизи. "Караңгыда көз табуу, капилеттен сөз табуу". Үй-бүлөлүк, элдик, коомдук маселелерди чечүүгө даярдык. Экономикалык, адептик-рухий кризистен чыгуунун жолун табууга даярдык.

## АТА-ЭНЕЛЕРГЕ ОКУЛУУЧУ ЛЕКЦИЯЛАРДЫН (КОНФЕРЕНЦИЯЛАРДЫН) БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

1. 1-класстан баштап 11-класска чейинки баланын дене жана психикалык
   жактан соо, рухий өсүшү (өзгөчөлүктөрү).
2. Балдардын оорусунун алдын алуу. Баланын режими, ден-соолугун чыңдоо.
3. Баланын акыл тарбиясы.

4. Эмгекке тарбиялоо.

5. Таанып билүү жана рухий өсүү.

6. Өспүрүмдөрдү таш боордуктан кантип сактап калууга болот?

7. Каалоосун кармана билүүгө балага кантип үйрөтсө болот? Тыйбаган
напсинин зыяндуулугу.

8. Өсүмдүктөр менен жаныбарларга балдардын камкордугу – тарбия каражаты.

9. Ата жана уул, эне жана кыз.

10. Балдарды тарбиялоодогу ата-энелердин типтүү каталары жана аны жоюу.

11. Мектепти бүтүрүүнүн алдында турган балдарды эмнеге үйрөтүү керек?

12. Үй-бүлөдө ынтымакта жашоо үчүн ак ниетүүлүктүн мааниси.

13. Эмоционалдык зыяндуу эргүүнү токтотуу.

14. Өспүрүмдөрдөн эмнени талап кылууга болот жана эмнени талап
кылууга болбойт?

15. Үй-бүлөнүн адептик сабактары.

16. Турмуштун адептик мыйзамдары. Балдардын укугу жана милдети.

17. Баланын ички жана тышкы маданияты. Ал эмнеден көз каранды?

18. Үй-бүлөдө, мектепте, коомдук жерде өзүн алып жүрүү маселери.

19. Компьютер менен иштөө маданияты.

20. Үй-бүлөлүк турмушта китептин орду.

21. Өспүрүмдөрдүн азыркы мезгилдеги көйгөйлөрүнө көмөк көрсөтүү.

22. Жыныстык тарбиядагы маселелерди чечүү.

23. Балдардын суициддик актыларынын себептери, аны токтотуунун жолдору.

24. Үй-бүлөнүн ажырашы, анын балага, коомго терс таасири.

25. Үй-бүлөдөгү чыр-чатактан кантип кутулса болот?

26. Баланы мээримге жана сүйүктүү болууга кантип үйрөтүүгө болот.

27. Үлгүлүү ата-эне кандай болот?

28. Мектептин тарбиялык иштерин ата-энелердин көзү менен кароо.

29. Мектептик турмуштун кыйынчылыктары.

30. Бош убактыларды балдар кандай өткөрүшөт?

31. Зээндүү, зирек балдар менен үй-бүлөдө иштөө.

## АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ЧОГУЛУШ ӨТҮҮНҮН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

1. Башталгыч класста эске тутуму, кеби, кунт коюусу начар, инфантилдүү балдардын көйгөйлөрүн аныктоо, аны азайтууга карата аракет.

2. Балдардын кызыкчылыгын, шыгын, жөндөмүн аныктоо. Баланын жөндөмүн өнүктүрүүдө ийримдердин ролу.

3. Баланы көркөм адабиятка, чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүүдө үй-бүлөнүн ролу.

4. Үй-бүлөдөгү дене тарбия. Үй-бүлөлүк режим, гигиеналык маселелер. Уйкунун гигиенасы. Таңкы гимнастика.

5. Эмгек менен эс алууну туура уюштуруунун мааниси.

6. Көрүү, угуу, сезүү, туюу органдары, аларды сактоо.

7. Азык-түлүктү нормада, убактысында ар түрдүү (витаминдүү, калориялуу, ж.б.) эске алынып тамактандыруунун мааниси.

8. Организмде йоддун жетишсиздигинин зыяны. Профилактикалык иштер.

9. Табигат менен таттуу мамиле түзүүгө балдарды үйрөтүү.

10. Ашыкча телевизор көрүүнүн нерв системасына тийгизген терс таасири.

11. Балдарды өз алдынча окууга үйрөтүү.

12. Балдардын (өспүрүмдөрдүн) физиологиялык өзгөчөлүктөрү.

13. Билим алууга кызыктыруу. Үй тапшырманы аткарууга жардам.

14. Үй-бүлөлүк жана мектептик тарбиянын бирдиктүү болушу.

15. Тырышчаактык, чыдамдуулук менен эмгектенүүнүн ролу.

16. Өспүрүмдөрдүн адептик нормалары, жүрүм-турум эрежелери.

17. Өз алдынча окуу менен окуу көндүмдөрүнүн калыптанышы.

18. Балдардын мүнөзүнүн калыптанышында темпераментинин, жеке өзгөчөлүгүнүн ролу.

19. Балага жекече мамиле түзүү.

20. Баланын турмушунда спорттук, дидактикалык оюндардын ролу.

21. Баланын интеллектин өнүктүрүүчү оюндар.

22. Адептик аң-сезимди өнүктүрүү.

23. Баланын акылын өнүктүрүүчү билимдер.

24. Оюн менен эмгекти айкалыштыруу.

25. Акылды өнүктүрүүдө үй-бүлөлүк эмгектин ролу.

26. Жайкы, жазгы, кышкы, күзгү каникулдардарды пландаштырууга жардам.

27. Окуучулардын көркөм өнөр чыгармачылыгын көрүү, жыл ичинде кылган иштери боюнча көргөзмө уюштуруу.

28. Окуучулардын кунт коюусунун, эске тутумунун билим алуудагы ролу. Аларды өнүктүрүүдө ата-энелердин жардамы.

29. Балдардын унутчаактыгы, байкабастыгы, элегей болушунун себеби.

30. Эске тутумду жакшыртуу – таанып билүү процессинин зарыл шарты. Эске тутуп калуунун ыкмаларын үйрөтүү.

31. Окуучуларды китеп окууга кызыктыруу. Китепти окуп, түшүнүгүн талдоого үйрөтүү.

32. Үй-бүлөдөгү китеп окуу кандай болуш керек?

33. Балдарды үй-бүлөдөгү тиричиликте пайдалуу ишке катыштыруу.

34. Мектептик, коомдук мүлккө аяр мамиле кылууга үйрөтүү.

35. Мугалимдерди урматтоого үйрөтүү.

36. Балдар жамаатында жашоого камкордук көрүү.

37. Коллективизм сезимин тарбиялоо, курбуларына жардам берүүгө, өзүмчүлдүгүн тыюуга тарбиялоо.

38. Балдардын адебинин калыптанышында ата-эненин жүрүм-турумунун үлгү болуучу мааниси.

39. Чынчылдыкка, ак ниеттүүлүккө тарбиялоо, калптын зыяны.

40. Жолдошторунун ийгилигине кубанууга тарбиялоо, тегерегинде жашагандарга кубаныч тартуулоого умтулуунун мааниси. Тааныштары кыйынчылыкта турганда жардамга келүүнүн мааниси.

41. Ата Мекенди сүйүүгө тарбиялоо. Жазгы токойдун (тоонун, көлдүн ж.б.) коОздугу (көрсөтмөлүү маек). Өзү жашаган жердин табигатын, эне тилди сүйүүгө карата маек.

42. Балдардын таанып-билүү кызыгуусун өнүктүрүү.

43. 7-10, 11-12, 13-14, 15-17 жаштагы балдардын мүнөздөмөсү, психикалык өзгөчөлүктөрү.

44. Өспүрүмдөр менен ата-энелердин өз ара мамилеси.

45. Балдардын үйдө жана коомдук жерде көндүмдөрүнүн калыптанышы.

46. Өспүрүмдөрдү адам катары сыйлоонун мааниси.

47. Ийримди (класстан тышкаркы иштерди) уюштурууда ата-энелер тарабынан жардам көрсөтүү.

48. Эстетикалык тарбия. Турмуштагы, табигаттагы сулуулукту көрүүгө үйрөтүү. Жарашыктуу кийинүүгө, үйдү жарашыктуу жасалгалоого үйрөтүү.

49. Жыныстык тарбия. Балагатка жеткен кыздардын (балдардын) өзгөчөлүктөрү. Педофилиядан, зорук-зомбулуктан аларды коргоо

50. Кыздын тарбиясында эненин ролу, уулдун тарбиясында атанын ролу.

51.Укуктук тарбия. Өспүрүмдөрдүн көзөмөлсүздүгүнүн алдын алуу. Жазалоо, дем берүү, сыйлоо, ишеним көрсөтүү, кызыктыруу. Тартип бузуу, мыйзамга туура келбеген иш кылуу боюнча профилактикалык аракет.

52. Өзүн өзү тарбиялоонун, өзүн өзү көзөмөлдөөнүн мааниси.

53. Өлкөбүздөгү жана чет өлкөдөгү саясый окууларга кызыктырууда үй-бүлөнүн ролу.

54. Экстремизм, радикализм, ксенофобия ж.б. терс жолдордун алдын алуу.

55. Ыймандык тарбия. Жүрөктүн тазалыгы – бактылуу жашоонун зарыл шарты. Баланын интуициясын өнүктүрүү.

## МЕТОДИКАЛЫК БИРИКМЕЛЕРДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕРДИН БОЛЖОЛДУУ ТЕМАТИКАЛАРЫ

1. 1-4, 5-6 (7-8, 9-10, 11) класстын окуучуларынын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү.

2. Окуучуларга бирдиктүү педагогикалык талап коюу.

3. Балдардын жөндөмүнүн, шыгынын, талантынын ар түрдүүлүгүнө карата дифференцирлеп мамиле кылуу, ишке кызыктыруу.

4. 7-10, 11-12 (13-14, 15-16) жаштагы балдарды тарбиялоодогу кыйынчылыктар, аларды жеңүүнүн жолдору.

5. Класстан тышкаркы убакытты туура пайдалануунун мааниси.

6. Балдарга предметтик ийримди тандап алууга жардам берүү.

7. Улутуна, расасына, ишенимине, ж.б. айырмачылыга карабастан бардык балдарга карата толеранттуу мамиле.

8. 7-10, 11-12 (13-14,15-16) жаштагы өспүрүмдөрдүн физиологиялык өзгөчөлүктөрү (врач менен бирдикте лекция).

9. Акыл эмгегин уюштуруу маданияты. Жогорку класстын окуучуларынын окуу, изденүү, өз алдынча билим алуу ж.б. эмгегин уюштуруу. Башталгыч класстын балдары менен салыштырмалуу айырмачылыктары.

10. Өспүрүмдөрдүн кеп маданиятын, ой жүгүртүүсүн өстүрүү.

11. Акыл эмгеги менен күч эмгегинин гигиенасы.

12. Өспүрүмдөрдүн психо-соматикалык өзгөчөлүктөрү. Инклюзивдүү билим берүү.

13. Адептик аң-сезимдин, акыл-ой аракетинин өсүшүндө илимий булактар менен иштөөгө үйрөтүүнүн мааниси.

14. Адамдын психикасына терс таасир этүүчү заттардан (героин, апийим, марихуан, кокоин, галлюциогендик заттар, эритүүчүлөр, клей ж.б.), балдарды коргоо.

15. Адептик аң-сезимди өнүктүрүүнүн жол-жоболору.

16. Ыйманык тарбияда этнопедагогиканын, этнопсихологиянын орду.

17. Окуучулардын көйгөйлөрүн азайтуу максатында этнопедагогика менен педагогиканын интеграциялоо.

18. Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигиндеги жаңы тенденциялар.

19. Окуу-тарбия процессин оптимизациялоо.

## ПАЙДАЛАНЫЛАНУУ ҮЧҮН СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Алымбаева Б.Б. Тарбия – ийгиликтин башаты : 5-класс. - Бишкек. Улуу тоолор. - 2017. – 64 б.

2. Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М. Адептүүлүктүн булагы – татыктуу тарбия : 6-класс. - Бишкек. Улуу тоолор. - 2017.- 72 б.

3. Алымбаева Б.Б. Туура тарбия – ийгиликке өбөлгө : 7-класс. - Бишкек. Улуу тоолор. - 2017.- 64 б.

4. Алымбаева Б.Б., Мансапова Г.М. Тарбиянын жакшысы –тагдырдын ачкычы : 8-класс - Бишкек. Улуу тоолор. – 2017.

5. Алымбаева Б.Б. Адамды адам кылган асыл эмгек. - Методикалык колдонмо. –2019. – 94 б.

6. Алымбаева Б.Б. Мектепте жана үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо : мугалимдер, класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо. – 2018. – 104 б.

7. Акматов К.К., Муратов А.Ж. Мектептин тарбиялык сабактары. 1-11-класстын класс жетекчилери үчүн колдонмо. – Бишкек. - “Креатив” Глобал принт. - 2019.

8. Акматов К.К. Башталгыч класстар үчүн тарбиялык сабактар. Ата-энелер жыйналышын өткөрүүгө сунуштар. – Бишкек. Глобал принт. - 2019.

9. Акматов К.К., Маматов Т.М. Балам мыкты болсун десеңиз. – Бишкек. Глобал принт. - 2020.

10. Акматов К.К., Маматов Т.М. Эң мыкты ата! – Бишкек. Глобал принт, 2020.

11. Акматов К.К. 100 таасирдүү тарбиялык сабак. Класс жетекчинин китеп текчесине. – Бишкек. - 2016.

12. Акматов К.К., Абдыманап кызы А. Класс жетекчинин китеби. – Бишкек. - Глобал принт. - 2017.

13. Акматов К.К. Социалдык педагогдун китеби. Класс жетекчиге жардам. – Бишкек. - 2018.

14. Акматов К.К., Мурзаев С., Момонов З. Энелер мектебин уюштуруунун технологиялары. – Бишкек, Глобал принт. - 2020.

15. Байгазиев С. Азыркы мектептеги тарбия: максаты, мазмуну, жана технологиясы. - Б., Гүлчынар. - 2009.

16. Кыргыз Республикасында 2020-жылдан 2040-жылга чейин мектеп окуучуларынын тарбиялоо концепциясы.

17. Жумабаева Г.А., Алымбаева Б.Б.. Акматов К.К. Тарбиялык иштердин программасы: 1-11-класс. – Бишкек, Билим. - 2020.

18. Жумабаева Г.А. Адептик аң-сезимди калыптандыруунун педагогикалык жана психологиялык аспектилери. - Бишкек, Улуу тоолор. - 2017.

19. Жумабаева Г.А. Жаш муундарды тарбиялоодогу психологиялык көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору. – Бишкек, Улуу тоолор. - 2017.

20. Жумабаева Г.А.Тарбиялык процессте окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүгө карата класс жетекчилерге жардам : 8-класс. - Бишкек. - 2020.

21. Жумабаева Г.А. Тарбиялык сааттардын иштелмелери : 8-класс. - Бишкек. - 2020.

22. Жумабаева Г.А. Өспүрүмдөрдү тарбиялоодогу көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору: класс жетекчилер үчүн методикалык колдонмо : 9-класс. - 92 б.

23. Жумабаева Г.А., Карагозиева Г.Ж., Воронина И.И., Егиналиева А., Шабданова Т.Т. ж.б. Тарбия сааттарынын жана класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелери : 9-11-класс.- Бишкек. - 2015.

24. Жумабаева Г.А. Тарбиялык иштерди уюштуруу : 10-11-класс. – Бишкек, Гүлчынар. - 2011.- 175 б.

25. Джумабаева Г.А., Карагозиева Г.Ж., Воронина И.И., Егиналиева А.С., Шабданова Т.Т. Разработка классных часов по воспитательной работе и внеклассных мероприятий. Методическое пособие для классных руководителей 9-11-классов средних общеобразовательных школ. - Бишкек. 2015.

26. «Өспүрүмдөрдүн өзүн өзү таанып-билүү жана жеке өнүгүү» курсу «Юз оф Ош» /Курс «Самопознание и личностное развитие подростков» подготовлен Общественным объединением «Юз оф Ош» - 168 с.

27. Профориентационная программа кружковой работы в 9-х классах общеобразовательных школ. – GIZ - 2020

## ТАРБИЯ ПРОЦЕССИН КАТТООГО АЛУУЧУ КЛАСС ЖЕТЕКЧИ ҮЧҮН КОЛДОНМО

1. Класс жетекчинин журналы. Түзүүчүлөр: К. К. Акматов, Д. Б. Бабаев.

## КЛАСС ЖЕТЕКЧИЛЕР ҮЧҮН МААЛЫМАТТЫК САЙТТАР

http://okuu.edu.kg /тарбия

www.tarbia.kg - "Класс жетекчи" сайты

www.gcf.kg раздел Профориентация на сайте Фонда глобальных перемен.